Скырг
А98

ТУРГАНБҮ АШИМОВА

# КӨӨДӨНГӨ БАТПАС ЫРЛАРЫМ



аб
Скырп
А 98

ТУРГАНБҮ АШИМОВА

# КӨӨДӨНГӨ БАТПАС ЫРЛАРЫМ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487808

Бишкек – 2025

УДК 821.512.154-7
ББК 84 (5Кир)-8
А 48

А 48 **Ашимова Т.**
**Көөдөнгө батпас ырларым:** *Ырлар.* – Б.: «Улуу Тоолор», 2025. – 128 б.

Окурмандарга сунушталып жаткан китепке акындын сезимдерин серпип чыккан ырлар берилди. Акындын ар кыл темадагы чыгармалары кирген, мекенди сүйүү, махабат, ошондой эле лирикалык саптары кирген.

Акындын бул китеби окурмандарды кайдыгер калтырбайт деген изги тилекте сунуштайбыз

УДК 821.512.154-7
ББК 84 (5Кир)-8

© Ашимова Т., 2025.



## КИРИШ СӨЗ

Ар бир акын , негизгиси талант ээлери өз талантын кадырлап баалайт эмеспи.

Турганбү Ашимова чыгармачылык дүйнөсүнө аралашканына көп болбосо да эң соонун ийгиликтер жаратып келе жатат.

Ооба, Турганбүнүн ыр саптарын окуган кезде, жөнөкөй жалпак тилде жазылганына күбө болот, жөнөкөй жатык тилде өзүнүн ички туюмдарын жеткирүүгө аракет кылганы байкалат.

Мисалы; небере кызына айткан насаат ырында төрт сап менен жеткире бере алган.

Чоң энеңдей бата берем,
Амандыгың тилеп келем.
Акыл эстүү келин болгун,
Кайын журтуң сыйлап турган.

Чоң энеңдин жолун жолдоп,
Кыялыңды жүргүн оңдоп.
Энекеңдей айкөл болгун,
Кайын журтуң турсун колдоп.

Жатык тилде өзүнүн ички туюмдарын, акыл насаатын айтып, жакшы келин бол, барган жериңден бак тап деген таризде айтканы туура.

Ошондой эле чыгармачылык чөйрөгө кеч келсе да белсенип ыр жазууга аракет кылганы байкалат.

Жаза берем карып мөгдөп калганча,
Жазбай коюп калгым келбейт арманда.
Жүрөгүмдөн оргуп чыккан ырларды,
Жаза берем оо дүйнөгө барганча.

Дагы бир ырында;

Мекениме кызмат кылып турайын,
Ырларымды белек кылып сунайын.
Жүрөгүмө эргүү келсе тартынбай,
Обон чыксын, жакшы ырлар жазайын .

Турганбү Ашимованын аз эле убакытта көптөгөн темаларга басым кылып жазганын байкабай калуу мүмкүн эмес.

Мекенге, туулган айылына, бир боорлору дос-жарларына, бала-чакасына арнап жазган ырлары жогорку деңгээлде экен болбосо да талыкпай аракет кылып жазганы кубандырбай койбойт.

Өзү айткандай абасы Сооронбай Жусуев сыяктуу өтө кеч ыр жазууга аракет кылганы , аракет кылып жатканы, таланты тапталып жатканына кубаттап «Ыр дүйнөсүнө» куш келипсиң дегим келет.

Келечекте көптөгөн ийгиликтерди жаратып бийиктерге чыга берет деген изги тилекте ийгиликтер каалайм.

***Маметова Зуурабү Алимбековна САНТА.***
*Акын жазуучу, Кыргыз Журналисттер Союзунун мүчөсү.*





## ЖАШТЫКТЫН ОТТУУ КҮЧҮ

Ал кездеги жаштыктын оттуу күчү,
Жүрөктө чертилген сүйүү күүсү.
Суукка тоңуп ит кубалап чыкса да,
Моюн бербей дубалдан ашып кирчү.

Сен деле ошол кезди билсең керек?
Кыз сүйүп гүл көтөрүп күтүп кезек.
Ышкырып дубалдын бурч жагынан,
Жолун тосуп аңдып да турсаң керек?

Оттой жанган оргуштаган ал убак,
Ошол күндөр кетти бизден алыстап.
Карылык колдон тартып жетелеп,
Калдык мына буттарыбыз чалыштап.

## ЫРЫМ САГА БОЛСУН БЕЛЕК

*(Кызым Гүлназдын туулган күнүнө)*

Куттуктайм кызым туулган күнүң бүгүн,
Берейин энелик мээримимди бүтүн.
Каралдым карегиңден Гүкү кызым,
Берем сага өмүрдүн соолбос гүлүн.

Белегим го сага арнаган ырларым,
Бул жашоонун көрө берчи жыргалын.
Бактылуу бол адашпагын жолуңдан,
Басып өт өмүрдүн бийик кырларын.

Бактылуу бол жан кызым кагылайын,
Балдарың өбөк болсун сага дайым.
Өмүрлөшүң өксүтпөй барктап сени,
Оттой жанган сүйүүнү тартууласын.

## МЕНИН АЙЫЛЫМ

Ылай-Талаа болду менин кайыным,
Билбедим мен келин болоор дайынын.
Тагдыр буйруп туз насибим кошулуп,
Келини болдум мына ушул айылдын.

Байырлап байландым мен бакыт таптым,
Баш ийип суудай сиңип таштай каттым.
Жашоонун кербенинде бара жатам,
Дарактай өнүп өсүп тамырладым.

Өмүрдүн жолун улаар уул-кыз таптым,
Өстүрүп көмөк берип көрктүү бактым.
Өмүрлөрүн тилеймин жаратkандан,
Өбөк болуп жүрсө дейм мага дайым.

Кайын журтум чоң теринин бучкагы,
Өткөн houздин болуш, бийлер урпагы.
Ак сөөкпүз деп даражасын түшүрбөй,
Сакталыптыр го улуулуктун нускасы.





## ӨЗГӨРТКҮН КӨЗ КАРАШТЫ

*(Сиңдим Айжаркынга)*

Айдап жүргөн зымыратып машина,
Кара очкини койуп алып башына.
Ушул күндү канча күттү зарыгып,
Оор сыноонун түшүп калып торуна.

Жаштык кези окуп жүргөн убагы,
Ошондогу токсонунчу жылдары.
Так секирип балдар менен жарышып,
Ойноп жүргөн таза болчу буттары.

Кырсык деген айтып келбейт адамга,
Кокустуктар болот тура жалганда.
Капысынан оору тооруп жолунан,
Он сегизге эми жетип турганда.

Балдак менен басканына муңайып,
Жаштыгына жаны кейип сумсайып.
Кайратанып үмүт үзбөй өмүрдөн,
Кыйналсам да жеңем дечү жылмайып.

Жаратканым жашоо берди жаңылап,
Жан дүйнөсүн айыктырып аярлап.
Келген сыноо кетти эч бир кайрылбай,
Үмүт шамы кайра жанып жалындап.

Ачкын эми жаңы жашоо барагын,
Алга карап кадамыңды таштагын.

Бул жашоого өзгөртүп көз караштьı.
Ажарыңа күлсөң күлкү жарашсын.
Аягандар суктанышып карашсын,

## ӨЗГӨН ШААРЫМ КЫЛЫМДАРДЫ КАРЫТКАН

Өзгөн шаарым көп кылымды карыткан,
Сулуу шаарым орун алган тарыхтан.
«Озгон» атын өзгөртүшүп бир мезгил
«Өзгөн» болуп кала берди байыртан.

Жибек жолун улап келген соодагер,
Жүктү артып төө айдаган кербендер.
Соода-сатык ишкерликтин артынан,
Байыр алып калган дешет келгендер.

Өзгөн шаары өзгө дебей батырган,
Өзгөрүлүп өнүп өскөн, жакшырган.
Өзбек, уйгур улутуна карабай,
Өздөй көрүп өз койнуна батырган.

Ээ чыгып, өзгөлөр жерин ээлеген,
Өзгөн шаарын өз жериндей тейлеген.
Өтө айкөл кыргызымдай эл барбы,
Өгөйлөбөй кучак жайып кел деген.

Өзгөрүлүп өзгөчө шаар аталып,
Жылдан жылга бара жатат жашарып.
Жашыл паркы орун алган дөңсөөдөн,
Күрүч, коону турат элге мактальып.





Мунарасы кылымдарга сакталып,
Муундан-муунга өтүп келет такталып.
Мурас болуп өткөн чакты эскертип,
Турат азыр, шаарыбызга көрк берип.

## АЛМАШЫП ЖАШТЫК СЕЗИМИМ

Кабылдым сүйүүнүн суук бороонуна,
Кайыл болдум намыз үчүн тоңгонума.
Кабыл алдым үй-бүлөмдүн жүзү үчүн,
Тууган-урук макул болуп койгонуна.

Күйгөмүн мен, махабаттын жалынына,
Кулпурган оттой жанган жаштыгымда.
Бир азга көрбөй калсам караанынды,
Жетпестен калчу элем таппай арга.

Арбалдым жылуу айткан сөздөрүңө,
Ишенип сактап алдым жүрөгүмө.
Ак сүйүүмдү тапшырып аздектеген,
Башты ийип байландым жүгөнүңө.

Мына ошентип жаш өмүрүм өтүп жаты,
Канча жолу күнүм чыгып кайра батты.
Жүрөктөн жалындаган сүйүүм өчүп,
Жайнаган сезимдерим муздай катты.

Алмашып жаштык сезим улгайганга,
Кайран сүйүүм кала берди уйпалана.
Канатына жебе тийген ак-куу сымал,
Кала бердим махабатын толкунунда.

Сыздап жүрөк көтөрө албай сыноону,
Койо бербей бек кармадым жылоону.
Канча аракет кылсам деле бары бир,
Күчүм жетпей көрүп жатам кыйноону.

Азап тартып сыздаса кайран өмүрүм,
Күндөн-күнгө сууп баратат көңүлүм.
Капастагы көгүчкөндөй уча албай,
Карегимден аккан жашка чөмүлдүм.

## АК САКАЛДУУ АТАЛАР БАРКТУУ БОЛГОН

Жарашыктуу ак тондорун кийип алып,
Ак боз аты алчылантып минип алып.
Ак сакалдуу карыялар бара жатса,
Кадыр баркы турат эле бийик болуп.

Сакал коюп жарашыктуу жайкалтып,
«Салакада» салмактуу сүйлөп жай басып.
Каада сактап төрдөн орун алышып,
Сөз башташчу санжырадан кеп салып.

Аталардын айбаты жүз сестентип,
Адеп сактап салам айтып кол берип.
Кол куушуруп тизе бүгүп ыйбаа менен,
Жаштар келип отурушчу четеп барып.

Улуулардын сөзүн укчу урмат менен,
Уул-кыздардын намызы болчу терең.
Улуттун улуулугун сактай албай,
Урпактары унуткарып койдук бекен.





Ойлонуп ой чуңкурун казып терең,
Ой учугун ойлорумдан тапай келем.
Ойлонуп окшоштуктан таң каламын,
Олуянын айткандары чындык белем.

Сакал койуу кезинде барктуу болгон,
Сакалды да жашына карап койгон.
Кыркка чыкса кырма сакал коюшуп,
Элүү жашта сүннөттү толук болгон.

Андан кийин жайма сакал коюшкан,
Акыл калчап каада сактап калышкан.
Артындагы урпактарга багыт берип,
Ак сакалдык насаат сөзүн айтышкан.

Сакалдууну сыйлап төргө өткөргөн,
Сүрөп басып тик алдынан өтпөгөн.
Кадыр барктап аксакалын сыйлаган
Каада-салтта төрдөн төмөн түшпөгөн.

## КЫРГЫЗДЫН АК КАЛПАГЫ

Аксакалдар ак боз атын минип алса,
Ак калпагын баштарына кийип алса.
Абдан көрктүү көрүнчү көзүбүзгө,
Ээрчишип аш тойлорго барып калса.

Аты улук кыргызыма ак калпактын,
Кыргызым нуру болот аткан таңдын.
Ак калпагы жарашканда нур жүзүнө,
Окшоштурдум элесине ак Бакайдын.

Ак калпагы көтөрөт кыргыз баркын,
Атыңан айланайын кыргыз калкым.
Ала-Тоодой көрүнөт кайдан көрсөм,
Башыңда кийип жүргөн ак калпагың.

## ТҮГӨНБӨГӨН ТҮРКӨЙЛҮК

Түгөнбөгөн түркөйлүктүн азабы,
Түпкүрүндө көрө албастык жатабы.
Бүт дүйнөгө түркөйлүгүн көрсөтүп,
Өз эл, өз жерине «баклашка» атабы.

Түркөйлүктүн батып калган сазына,
Ичи тарлык чыкпай түшөт жадына.
Мына ушундай наадандардын айынан,
Баш көтөрбөй уят болдук баарына.

Булар такыр келбейт окшойт намыска,
Кол көтөрүп чуркап барат калыска.
Абийир төккөн ишин көрүп наадандын,
Кайран эл деп кайышат го кабырга.

Эрдемсип эрөөлдө жеңип алгансып,
Өзүнчө бир баатыр болуп калгансып.
Ээ жаа бербей бүлүк салып журтуна,
Кылган ишин туура жасап жаткансып.

Суу үстүндө чөкпөй аккан өпкөдөй,
Түркөйдүн чар тарабы көп көңгөй.
Кызыктырбайт тебеленсе намызы,
Болсо деле жашоосунда көп көйгөй.





Наадандардын ниети качан оңолот,
Түп тамырың качан кантип жоголот.
Жаратканым ыйман берсин деп тилейм,
Бир оңолсо пейил шондон оңолот.

## ТУРАМ САГА ЖЕТЕ АЛБАЙ

Аргымактай арыш таштап кете албай,
Айланчыктап ак сүйүүмө жете албай.
Алсыздыгым тоскоол болуп жолума,
Ашыктыгым турам сүрдөп айта албай.

Канат күүлөп ылаачындай уча албай,
Алсызданам алдан тайып тургандай.
Карегиңден сүрдөп турам жалтанып,
Колумдагы гүлдү сага суна албай.

Сүрдөтпөсөң сүрдөбөйүн өзүңдөн,
Сүйгүм келет сенин жылуу жүзүңдөн.
Сезимимди кабыл алсаң сүрдөтпөй,
Сени сүйөм танбайм такыр сөзүмдөн.

## АПАМ МЕНИН ЖҮРӨГҮМ

Апамдын ак сүтүнүн даамын таттым,
Апамдын кучагынан мээрим таптым.
Жаным апа өмүр бою карызмын.
Жүрөгүңдөн жылуулук, берип бактың.

Сен менин колдоп турган ыйыгымсың,
Сен менин мактанаар сыймыгымсың.

Кабак чытпай жасаган шоктугума,
Бетим сүйүп күч берген кубатымсың.

Ааламга жарык чачкан ай күнүмсүң,
Кирпик какпай күймөнгөнсүң күнү-түн..
Актайм апа эмгегиңди бой жетсем,
Орундалсын келечектүү үмүтүм...

## ӨМҮРДҮ СҮЙ

*(Зуурабүү Маметова досума)*

Өмүрдү сүй, өмүргө сүйүл Зукешим,
Сага сунам өмүрдүн терип букетин.
Буркураган жытын жытта канганча,
Сага деген белегим деп билемин.

Гүл өмүрдү гүлгө айлантып сүйөлү,
Өмүр белек баркын билип жүрөлү.
Бул дүйнөгө аманатпыз бир келген,
Ошондуктан жашоого көңүл буралы.

Сүй өмүрдү жүрөк токтоп калгыча,
Өмүрүңү сенден тартып алгыча.
Сүйүп жаша аманат бир өмүрдү,
Карылыкка башты ийип калгыча.





## СИЗДИ СҮЙДҮМ

Сизди сүйдүм айталбадым батынып,
Канча жүрдүм сезимимди жашырып.
Сиз деп соккон жүрөгүмүн ачкычын,
Койсомбу дейм өзүңүзгө тапшырып.

Кабыл алың жүрөгүмдүн ачкычын,
Билинбестен өтүп жатат жаштыгым.
Эгер менин жаккан болсо сунушум,
Билдирип кой бир белгиңди акырын.

Өзгөгө мен кете албайм баш байлап,
Өзгөлөрдү сүйө албайм жан кыйнап.
Өзгөчөмсүң жүрөгүмдү ээлеген,
Өмүрлөшүм болсоңуз кылып урмат.

## КАЛДЫМ НЕГЕ БАЙКАБАЙ

Жалооруп карап, жаш кылгырган көздөрүңдү,
Жакшы уга албадым көмүскөдө сөздөрүңдү.
Кош дегенге дарманың жок колум кармап,
Көздү жумдуң айталбай кеттиң керезиңди.

Көз карашың, каректен өчпөй кала берди,
Кирпигим ирмелбей көз жашым тама берди.
Жараткан түгөйүмдөн түбөлүк ажыратып,
Бир өмүр көтөрө алгыс кайгысын берди.

Билсем эмне жашоодон бат эле узаарыңды,
Билбедим го өлүмдүн уусун жутаарыңды.

Өмүрдүн акыркы күнүн чектеп жараткан,
Койдуң беле акыретке сен тузагыңды.

Аманатын аларын, сезген белең арман ай,
Кайгыңды көтөрөм, чыдап кээде чыдабай.
«Балдарга баш бол» – деп сумсая караганда,
Айткан сөз аянын калдым неге байкабай?

## НЯНКА БОЛСОҢ КЕЛИНГЕ

Нянка болсоң келинге,
Билер бекен баркыңды ?
Кол кабыш кылсаң күйүнүп,
Көтөрөт бекен даңкыңды ?
Жардам берип түйтөңдөп,
Кирин жуусаң билеби ?
Ооруп калсаң кокустан,
Дары дармек береби ?
Баркыңы билбей тиртеңдеп,
Басынтып кейип тилдейби?
Жумшак болсоң келинге,
Токубай жонго минбейби?
Өзү билип баардыгын,
Өтүгүн төргө илбейби?
Келиндей жумшап керилип,
Тоготпой сени кетпейби?
Жасап койсоң тамакты,
Өткүр экен тузу деп.
Жебей төгүп салбайбы?
Жетеси жок келинге.
Жеткире айтсаң түшүнбөйт.
Угузуп айтпай уу сөзүн,





Жерди тиктеп күңкүлдөйт.
Аярлык кылып ар ишке,
Анда санда кыймылдайт.
Дайындуу иш бүтүрбөйт,
Кантсе да аман болушсун,
Таарынбай угуп коюшсун.
Арада болот мындайлар,
Кыялын оңдоп жоюшсун.
Кайын журтун сыйлаган,
Ыймандуу келин болушсун...

## КАЙЫН ЭНЕ БАР АР КАНДАЙ

Кайын эне бар келинди сыйлабаган,
Жаман жакшы кеп сөздү да ылгабаган.
Чачылып жатса да үйү шыпырылбай,
Жардам берип келинине жыйнабаган.

Кайын эне бар келинди сыйлап турган,
Мээрим берип өз энедей көңүл бурган.
Балам деп сылык-сыпаа сый сөз менен,
Бактылуу үй-бүлөнүн чебин курган.

Кайын эне бар каарын чачпай сыйлашкан,
Келиндер менен өз кызындай сырдашкан.
Көйгөйлүү ар кандай сыноо болсо дагы,
Кабак түйбөй көмүскөдө бек сакташкан.

Жазып койдум мен турмуштагы болгонду,
Жан кейиткен жүйөлүү бир ой толгоону.
Кайын-эне, келинге сын айткандарга,
Айткым келди токтот деп айып койгонду.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487808



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Пендебиз бербейли азап дилибизге,
Пейилибиз окшобойт бир-бирибизге.
Ошондуктан билип-билбей сынды айтып,
Оорчулук келтирбейли жүрөгүбүзгө.

## КАЙРЫМЫ ЖОК БАЛАГА

Кайран эне... наалат айтам балдарга,
Каймана да таштап кетпейт талаага.
Каралбай эне тирүү туруп балдары,
Кандай гана катаалсың сен замана.

Эне байкуш бала үчүн жанын берет,
Энеге балдарынын баары керек.
Балдарын канатына бирдей катып,
Балдарына мээримин бирдей төгөт.

Мээнет менен чоңойтуп терин төгүп,
Балдарын өз жанынан да артык көрүп.
Колунда аздыр көптүр ширindigин,
Тегиз берет жесин деп теңге бөлүп.

Мына ушундай эр жеткен өз баласы,
Өзгөрүлүп үйлөнгөндө көз карашы.
Өз үйүндө бөтөн болду өгөйлөнүп,
Өзөк өрттөп күйүп турат ой санаасы.

Кайраты жок, катынга башын ийип,
Кадырлабай өз энесин салды чийип.
Жубайынын айтканын эки кылбай,
Жатак үйгө жеткирүүнү койду түйүп.





Унаасын айдап чыкты ойлор күүлөп,
Олтургузду энесин сөгүп тилдеп.
Жайгаштырам жатак үйгө «сизди» деп,
Өзүнө-өзү бара жатты макул сүйлөп.

Эне байкуш сездиби кайда бараарын,
Билбей калды эмне сөздү айтаарын.
Кайратанып каардуу сүйлөп уулуна,
«Калтыр деди, билем өзүм кайда бараарым»..

Калды байкуш көз жаш төгүп буркурап,
Энекенин сай сөөгү сыздап зыркырап.
Заманасы куурулуп айла таппай,
Санаасы удургуп учту зымырап.

– Энеке, энекебай эмне болду мынчалык,
Айтыңызчы көңүлүм калсын тынч алып.
Маңдайында бир жигит турду баш жөлөп,
«Жүрүңүз сүйлөшөлү үйгө барып».

Жашап калды бөтөн үйдө байыр алып,
Баарына көңүл бөлүп мээрим салып.
Өз энедей боор тартып жаш жубайлар,
Көңүлүн көтөрүштү маанай ачып.

Каплет жолукту уулу тойго барып,
«Эне» – деп таңыркады оозун ачып.
Кайрылбай кете берди ыйлап сыздап,
Аттиң арман, өз уулунан көөнү калып.

Энелерди кадырлайлы баркын билип,
Нарк-насилин жүрөккө бекем түйүп.

Жабыркатпай жан дүйнөсүн арууланты п,
Жүрөлү энелердин изин сүйүп.

Болбосунчу кайрымы жок уул-кыздар,
Эне барда канатын күүлөп талпынаар.
Күлсөң күлкүң, сүйлөсө сөзүң жарашып,
Бар тарабың төп келишип кулпунаар.

Баарыбызга канаат берсин Аллахтан,
Болбосунчу туура жолдон адашкан.
Бул жашоодон жамандыкты көрбөйлү,
Жакшылыгын бере-берсин жараткан.

## ЖҮРӨГҮҢӨ САКТАП АЛ

Бакубат жашоону берсин ар жанга,
Амандашып турган жакшы ак таңда.
Кандай сонун мээримине бөлөнүп,
Ата-энеден күндө алсаң ак бата.

Ата-эненин кадырын билген жакшы,
Айткан кебин көңүлгө түйгөн жакшы.
Азбы көп жашоосун билбейсиң сен,
Ошондуктан урматтап жүргөн жакшы.

Эстүү чыкса балдары «ата» даңкы,
Нарктуу болсо кыздары «эне» ызааты.
Эзелтен болуп келген каада салтта,
Эл ичинде бааланчу адам баркы.

Ата-энеңди ажыга алып баргын,
Жараткандан чексиз соол алып калгын.





Ата-энеңин сага берген ак батасын,
Жүрөктүн түпкүрүнө сактап калгын.

## ЖАЙЛООДО

Шаңга толуп Ажикенин жайлоосу,
Тоо боорунда малга толуп короосу.
Жан киргизип ээн калган кырларга,
Төрт түлүк мал оттоп жүрөт карачы.

Түркүн куштар сайрайт шаңдуу күнүгө,
Суур үн салат катар таштын түбүндө.
Козу-улактар жардан-жарга секирип,
Оюн салып, эркелешет сүзүшө.

Уйлар оттоп сүт толтуруп желинге,
Музоосуна араң келет кермеге.
Уйларды саап сүтүн тартып кыз келин,
Курут жасап жайып коёт серереге.

Бээлерди саап, кулун байлап желеге,
Сабаасынан кымыз куят челеке.
Дастарконго баары келип олтурса,
Ысык куймак бышып келет тез эле.

Жандап өтүп бара жатса жолоочу,
«Кел бери тарт бир саамга токточу,
Аттан түшүп ак ичкин мейман» – деп,
Кымыз куюп сунат ысык токочту.

## КЫЗЫМА

Кагылайын көзүңдөн мөлтүрөгөн,
Бак берсинчи кудайым мен көксөгөн.
Алган жарың бар болсун пешенеңде,
Ата болуп балдарыңды жетелеген.

Жароокерим жан кызым кагылайын,
Дем берип келесин го мага дайым.
Бул жашоодо бактылуу болсоң экен,
Андан башка мен сага эмне деймин.

Тилегеним жакшылык экөөңөргө,
Жеткиле арзуу кылган мүдөөңөргө.
Жашоонун рахатын бирге көрүп,
Кол кармашып бир болгула түбөлүккө.

## САГЫНАМ АПА

Ак көйнөк кийип бурала басып,
Жүргөнүңдү сагындым апа.
Акактай тишиң кашкайтып дайым,
Күлөгөн күндөрдү сагындым апа.

Түркүн гүл эгип жайнаткан апа,
Гүл бакчаңды да сагынам апа.
Гүлдөргө конуп сайраган күндө,
Булбулдун үнүн сагындым апа.

Кел кызым деп жылмая тосуп,
Күткөн күндү сагындым апа.





Кубанып мага чай коюп шашып,
Жүргөн күндү сагындым апа.

Балдарга апа болгонмун өзүм,
Баары бир сизди сагынам апа.
Ордуңуз мага башкача эле,
Элесиң таппай кусамын апа.

Сагынам апа сагынам сизди,
Жаратканга таарынам апа.
Жаш берип сизге ченелүү гана,
Койду эмне – деп капамын апа.

Сагынам сизди сагынам апа.

## КАРА-КУЛЖАМ

Кара-кулжам суктандырат көркөмүң,
Жылдан-жылга өсүп барат көрктөнүүң.
Салыштырам көп жерлерди өзүңө,
Окшоштурбайм сулуулугун өзгөнүн.

Кара-кулжам көп жерлерден башкача,
Кубанамын көргөндөр сени мактаса.
Оң жагыңдан сол жагыңдан куюлган,
Сууларың бар мөлтүр тунук тап таза.

Кубат берет ичсем тунук сууларың,
Өзөнүңдө жайкалат шибер тулаңың.
Көпөлөктөр консо учуп гүлдөргө,
Кыялданып суктана карап турамын.

Кыялдансам ыр жаратам көөнөрбөс,
Көөдөнүмдө көрөңгө бар түгөнбөс.
Көз уялткан көркөмдүүсүң өзгөчө,
Кара-кулжам көркүң сенин эч өчпөс.

Жол чырактар жарык берип көчөгө,
Жайбаракат жүрөт элдер түнүндө.
Көркөмүңө көрк кошулуп өнүгүп,
Кара-кулжам күндөн-күнгө өсүүдө.

Чыгаан уулдар элден чыгып суурулуп,
Катар-катар имараттар курулуп.
Эл жер үчүн жасаган ар бир жумушу,
Көркөмүңө кошуп турат сулуулук.

Кара-кулжам сенден чыккан таланттар,
Көрүнбөгөн дагы канча талант бар.
Канат күүлөп урпактар чыгаар, көрөсүң,
Ыр жаратып учугуңду улантаар.

Обон созуп ырдап чыккан Рыспай,
Таланттуулар бар экенин ырастай.
Жеңишбеги комуз күүлөп ырдаса,
Соронбайы ырды жазган шурудай.





## АЙДАНАГА ЫР БЕЛЕК

Башыңа бакыт кушу түбөлүк консун кызым,
Баскан жолуң дайыма түз болсун кызым.
Баш ийип барган үйүңдө бактылуу болуп,
Береке кут, дөөлөт болсун үйүңдө кызым.

Үлпөт тоюң куттуу болсун алтыным кызым,
Үйүңө ынтымак, ырыс, береке толсун кызым.
Барган жерде бактыңды таап сыйлуу болуп,
Урмат-сыйга бөлөнгүн менин жаным кызым.

Кайын-журтту урматтап сыйлап жүр кызым,
Ошол жерден кайтпастан орун тап кызым.
Кайын-атаңды урматтап ызаат кылып
Ак бата алып кадырлап баккын ал кызым.

Кайын-энеңди кейитпей сыйлап ал кызым,
Катуу айтып көңүлүнө тийбегин кызым.
Кадырлап карап жүрсөң жылуу-жумшак сүйлөп,
Кайын-журттан алкыш алып сыйга жет кызым.

Жубайыңды урматтагын барктагын кызым,
Кайын-журттун мыйзамын сактап жур кызым.
Каттуу айтса кечирип жеңгин күлкүң менен,
Жамандап эч жаман сөздү айтпагын кызым.

Абысынга күлө карап сыйлап жүр кызым,
Ар бир ишти айттырбастан кылып жүр кызым.
Улуу болуп иш берип жумшап койсо,
Араздабай макул деп сен аткаргын кызым.

Турмуш жолу татаал го чыдагын кызым,
Тагдырдын сыноосу көп эч сынба кызым.
Болбойт деп колуңду шилтеп тескери басып
Жашооңо түк кыянаттык кылба кызым.

Ишенем тууруңа коносуң жан кызым,
Тагдырдын сыноосу көп тике тур кызым.
Тарбия алып турмушта такшалгансың,
Бара кой ак жол сага жаным кызым.

* * *

Кайын-журтка кадырлуу бол асыл кызым,
Жакшы-жаман сөз уксаң да сабырдуу бол.
Жаратканым экөөңөргө ыйман берсин,
Жарыңды сүй түбөлүккө жаша кызым.

## БИР БООРУМ ЭЖЕМ АПИЗАГА

Акмаралдай керилип гүл аралап баспадың,
Бермет шуру мончокту моюнуңа такпадың.
Бул жашоодо шүгүр кылып чыдап жашап,
Балдарыңа бар өмүрүң, бар күчүңдү арнадың.

Сабыр кылып жашадың турмуштун бары жогуна,
Балдарга берип тарбия карап ачка тогуна.
Байбиче эне болуп үйүңө бакыт конуп,
Аргасыздан ажалдын түштүң сен торуна.

Кош бол эжекем түбөлүккө коштошом,
Сүрөтүңдү көргөнүмдө бошошом.





Эжеке ажалга арга жок тура, боло албадым аралжы,
Кайрат кылам таба албай издеп жоктосом.

## КАЛАСЫҢ БИР КҮН ЗАР КАКШАП

Беш бала күнүн ойлобой,
Бактысыз жолду болжобой.
Бакса болмок балдарын,
Күкүктөй болуп жойлобой.

Күкүктөй какшап үн катып,
Жүрөсүң ойноп гүл чачып.
Балдарыңа зар болгур,
Барасың кайда сен качып.

Бул кылган иштин артынан,
Өкүнүч көп чачыңдан.
Жаштыгың өтүп кеткенде,
Бир балаң барбас артыңдан.

Жашоонун жолу көп болот,
Чыдасаң үйгө кут конот.
Жолуңду таппай адашсаң,
Төрт тарабың тар болот.

Тар жолдо калдың адашып,
Таалайың кетти кыр ашып.
Тайыды багың башыңдан,
Туура эмес жолго из салып.

Бой жетип балдар чоңойоор,
Башына бакыт куш коноор.

Балдары сыйлап атасын,
Бактылуу күнгө туш болоор.

Таштадың куттуу үйүңдү,
Көрсөтүп эки жүзүңдү.
Таш боордук кылып балдарга,
Таптыңбы ашык сүйүүңдү?

Татыбайт көргөн жыргалың,
Тагдырдын тарткын ызгаарын.
Татыктуу эне боло албай,
Таш тиштеп эми тураарсың.

Таанышың калса жолугуп,
Арытынан ага жетээрсиң.
Балдарды сурай албастан
Боздоп ыйлап кетээрсиң.
Бозоруп калган балдардын,
Кадырын кийин билээрсиң.

## АТКАРЫЛБАЙ КЕРЕЗИҢ

Келиндин көрбөй ызатын,
Кейидиң тарттың ызасын.
Керилип келин жумшабай,
Келбес бир жакка узадың.

Тагдырдын көрүп жазганын,
Туура эмес жакка баспадың.
Тууруна кайра келет деп,
Туура сөзүңдөн кайтпадың.





Келбеди келин кайрылып,
Кеп сөздөн калды айбыгып.
Кадырын билбей балдардын,
Калдыго эми айрылып.

Аткарылбады керезиң,
Келбеди келин мерезиң.
Балдары жүрөт мостойуп,
Күткөнсүп кайра келээрин.

Эненин көрбөй мээримин,
Энеден өчкөн сезимин.
Тарбия алып атадан
Тиреги болсун элимдин.

Жаш калды деген неберең,
Жигит болоор келишкен.
Туура жолдон адашпай,
Түз кетсин жакшы из менен.

## ТИЛЕГИҢЕ ЖЕТПЕДИҢ

Кастарлап салган үйүңү,
Керилип барып ачпадың.
Неберeңе той берип,
Чачыласын чачпадың.

Күмүштөн чачпак жасатып,
Чачыңа байлап такпадың.
Кызыңды берип турмушка,
Сандыгыңды ачпадың.

Сандыгыңда бычылбай,
Сарала гүлдүү бөз калды.
Сагынып ыйлап үйүңдө,
Санаага батып кыз калды.

Санааркап кыздын күнү өтөт,
Санаасын кантип түгөтөт.
Таалим айткан өзүң жок,
Тагдырын кыздын ким чечет.

Талпынып туурга консо экен,
Тагдыры туура болсо экен.
Багын ачып жараткан,
Бактылуу кылып койсо экен.

* * *

Туура жолду тандагын,
Турмуштан арта калбагын.
Тагдырым ушул экен деп,
Кур намыска барбагын.

Багыңды ачаар жар болсо,
Башыңды ийип кармагын.
Бузуктун кирип сөзүнө,
Багыңды бузуп албагын.

Жигит калса жактырып,
Басып кетпе наз кылып.
Бак берип койсо жараткан,
Боло берет жакшылык.





## ОРДУҢ БАР БИЛИП ЖҮРГҮН

Кайда барсаң ата тегиң сурайт экен,
Атанын туугандары кымбат экен.
Убагында барк албай жүрө берсең,
Улгайганда кээ бирөө сурайт экен.

Ата-журтка башыңды ийип жүргүн,
Опол тоодой ордуң бар билип тургун.
Ата ордун жоктотпой Бекутайым,
Эжекеңден кабар алып келип тургун.

Сен бар үчүн жүрөмүн көңүлүм ток,
Сенден башка жөлөк болоор агам да жок.
Сезсең экен сага күйүп бышканымды,
Сенин барың жүрөгүмө кубат болот.

Эжем деп Бекутайым жүрүгүн эстеп,
Кээде келип айчылап жүрүп кетсек.
Кабак чытпай кучак жайып тосуп алгын,
Каралдым мээримиң сенин өтө керек.

Жалгызымдан калган туяк аман болсун,
Биз ишенген сүйүктүү адам болсун.
Жараткан узун өмүр ден-соолук бер,
Жашоосунда жакшылык болуп турсун.

Багын берсин жараткан арманы жок,
Жашоо берсин баарынан көңүлү ток.
Өмүрлөшүң бирге болсун жаныңда,
Кетпей ээрчип жүрө берсин ошол бак.

Жараткандан өмүр бер деп сурап турам,
Ар күнү сайын намаз окуп дуба кылам.
Жаратканга дубаларым кабыл болуп,
Жаш берсин бир кылымга жете турган.

## ӨМҮРҮҢӨР БАЙЛАНДЫБЫ ӨЛҮМГӨ

Жеңекем ай таштап кеттиң эмнеге ?
Балдарыңдай сагындык сизди биз деле.
Жашап турсаң болбойт беле бир азга,
Уул-кызың унутат сени канткенде

Кандай гана оор сыноону өткөрдүң,
Канчалаган көз жашыңды төкпөдүң.
Жаш арылып жакшы күнгө жеткенде,
Жаман болду бул жашоодон өткөнүң.

Колго кармап эки чылбыр бир тизгин,
Балдарыңа атанын ордун билгиздиң.
Курманжандай акыл айтып дем берип,
Адаштырбай туура жолго киргиздиң.

Көңүл черди жазып турчуң каткырып,
Күлкү менен көңүлүңдү шат кылып.
Көңүлү назик жүрөгү жарык жеңемди,
Жоктоп турам ичтен сызып кайгырып.

Өткөн күндөр келбейт эми кайрылып,
Өмүрүңөр ажалга калды байланып.
Шерик болуп ээрчишип неге кеттиңер,
Гүл жашоодон биротоло адашып.





Бириң жеңем, бириң кайним куракташ,
Болгон эле бирге окуган классташ.
Акыреттик жолуңар да бир болуп,
Жаратканым ажал берди удаалаш.

Кайним, жеңем бейиш болсун жайыңар,
Аз болсо да намаз окуп бардыңар.
Оңой кылсын суроктарын жараткан,
Кабыл болсун биздин кылган дубалар

## ЭГЕР БИЛСЕ БАРКЫҢДЫ

Барктабай турса алганың,
Уясыз калган куштайсың.
Баалабай турса баркыңды.
Өткөрө салган туздайсың.

Барктаса сени алганың,
Толуп турган айдайсың.
Кадырың билип сыйласа,
Жылуулук берген жайдайсың.

Жадырап турса алганың,
Жанынан алыс жылбайсың.
Жан кейиткен сөз айтса,
Жанына бир саат турбайсың.

Барктап турса алганың,
Эсиңде калбайт арманың.
Каарыса эгер заар чачып,
Эсиңди жыйбай каласың.

Жаныңа жанкеч жар болсо,
Жаркылдап күлүп жүрөсүң.
Жүрөктү турса сыздатып,
Кабакты карыш түйөсүң.

Жанашып жашап жүрсөң да,
Сүйгөнүн анык билбейсиң.
Мээримин төгүп турбаса,
Тузакка түшкөн чилдейсиң.

Ардактап жүрсө алганың,
Буралып өскөн гүлдөйсүң.
Чөктүрө берсе көңүлдү,
Чыдабай бир күн сүйлөйсүң.

Балдарым үчүн жашаймын,
Билээр деп ичке катасың.
Баркыма жет деп айласыз,
Балдарың аяп жашайсың.

## КАЛСАМ ЭМНЕ ЖАРАЛБАЙ

Он бешинде жаркыраган айдай толуп,
Чырайың төп келишкен сулуу болуп.
Баарыбызды суктантып турат элең,
Койкоюп колго конгон куштай болуп.

Жылуулук тартуулаган жаздай болуп,
Жылмайып жан эргитип күлүп коюп.
Жайкалып жандай басып өтүп кеттиң,
Жүрөгүмдү жүгөнү жок байлап коюп.





Кеттиң сен сезимиме булук салып.
Алоолонуп жүрөмүн күйүп жанып,
Сөз айтууга жаныңа барган менен,
Эрким жетпей калчумун дудаланып.

Жолугуу үчүн бир аргасын табат элем,
Ушунчалык чымырканып барат элем.
Оттой өткүр көздөрүңдү көргөнүмдө,
Сөз таппай мокок болуп калат элем.

Кала бердим арзуумду мен айталбай,
Жөрөгүмдүн ээсин сактап калалбай.
Кайда жүрсөң бактылуу бол асылым,
Калсам эмне кем сөз болуп жаралбай.

## БӨБӨГҮМ

Кичинекей бөбөгүм,
Сени жакшы көрөмүн.
Жакын келсең чулдурап,
Ак бетиңден өбөмүн.

Кучактайсың эркелеп,
Мойнума минип желкелеп.
Көтөрбөсөм мен сени,
Ыйлайсың жер тепкилеп.

Кичинекей бөбөгүм,
Чоңойсо болот жөлөгүм.
Окуп калсаң мектепке,
Өзүм көңүл бөлөмүн.

Чоңоюп жигит болоорсуң,
Акыл кирип толоорсуң.
Өтөп мекен милдетин,
Баатыр жоокер болоорсуң.

## МЕЗГИЛ ӨТӨТ ТОКТОБОЙТ

Мезгил турбайт тушасаң да бышыктап,
Коргон уруп койсоң деле кыш кынап.
Өтө берет токтобостон төрт мезгил,
Өргө карай өрөпкүтүп жолду улап.

Мезгил өтөт өмүрүң менен жарышып,
Өмүр өтөт түйшүк менен алышып.
Кокусунан ооруп калса жандүйнөң,
Мезгил өтөт өмүрүң калат чалышып.

Дал ошондо мезгил койбойт кылчайып,
Суу перидей өтүп кетет суйсалып.
Өмүр күндөй батып бара жатканда,
Койбойт экен мезгил токтоп үн салып.

Мезгил өтөт орун бербейт алмашпайт,
Кайда барса жолу бүтпөйт ал шашпайт.
Төрт мезгилдин улам барып бирине,
Тегеренип жүрө берет токтобойт.





## ЭГИЗДИН АРМАНЫ

*(Асандын жаркын элесине)*

Биз экөөбүз бир энеден төрөлдүк,
Бир чоңойдук бирге жүрүп торолдук.
Асан-Үпөл ат коюлуп энчиленип,
Кош бешикке бирге жатып бөлөндүк.

Ата-энебиз кубанышкан өзгөчө,
Бири уул, бири кыз эгиз төрөлсө.
Өмүрлүү болсо экен балдарым деп,
Бата тилеп кылган элдик жөрөлгө.

Мына ошентип бойго жетип улгайдык,
Мезгил жетип турмуш жолун уладык.
Жашоо турмуш болот тура ушундай,
Жанашып бирге кош дарактай турбадык.

Бул дүйнөдөн кеттиң боорум коштошуп,
Боздоттуң го ордуңду мага жоктотуп.
Бүлбүлдөп бара жаткан өмүр шамын,
Коё албадым өчүрбөстөн токтотуп.

Мына бүгүн биздин туулган күнүбүз,
Шаан шөкөткө толуп турчу үйүбүз.
Шаниси жок өтүп жатат арман ай,
Өмүрдөн кеткен уялашым өзүңсүз.

Айлам канча артыңдан издеп баралбай,
Бир төрөлгөн шеригимди табалбай.

Айласыз куран окуп дуба кылам,
Менин үнүм жетпейт экен курандай.

Жаратканым орун берсин бейиштен,
Жарыгы тийбейт тура кейишимден.
Жаткан жериң жайлуу болсун эгизим,
Сурагыңды абат кылсын жеңилден.

Сабыр кылам канаат кылам эми мен,
Эже-сиңди, ага-тууган, инилер.
Эш тутамын Асанымдын ордуна,
Мага керек жылуу сөздүү демиңер.

## УЛУУ АКЫН КАРМЫШАК АГАЙГА

Кыргызымдын кыраан уулу сөз баккан,
Эл жерин даңазалап ырлар жазган.
Кыргыздын нарк-насилин бийик тутуп,
Элине эч көөнөрбөс из калтырган.

Залкар акын ар тараптуу жаратман,
Зор ийгилик мезгилинде жараткан.
Өткөөл кездин өткүр уулу аталып,
Өнөр жолун союз маалдан баштаган.

Атпай журтка аты калды баркталып,
Айтып бүтпөс чыгармасы даңкталып.
Эл кадырлап эл баалаган акындын,
Эмгеги, тарыхта калды сакталып.





## МЕЗГИЛСИЗ КЕТТИҢ ДҮЙНӨДӨН

*(Ашимов Айтан кайнимин элесине)*

Ала-Тоодой кайним өтүп дүйнөдөн,
Азап тартып, сыздап турам күйүттөн.
Оо жараткан, жашап турса болбойбу,
Ойго салып, үзбөй бизди үмүттөн.

Шашып кеттиң үй-бүлөңдү калтырып,
Шам чырактай өчүп калдың тим туруп.
Аттиң арман ажал улук турбайбы,
Алдын ала койбойт тура айттырып.

Агаң дагы кеткен сенин жашыңда,
Акырет кетти сендей болуп шашыла.
Ушул жашта, ушул айда кетсек деп,
Болжошуп койдуңар беле барышка.

Кандай кана карайлаткан көрүнүш,
Өлүм, аза, ыза тарткан өкүнүч.
Канаат кылып унуткарып турганда.
Кайталанып кайрылып келди өтүмүш.

Биз баарыбыз кайгы тартып турабыз,
Өксүп кайра сабыр канаат кылабыз.
Өмүр тилеп жарың менен балаңа,
Жаратканда амандыгын сурайбыз

## ООРУТПАЧЫ СУРАНАМ

Оорутпачы оорубайын суранам,
Ооруганда кантип чыдап туралам.
Эчен азап өткөргөмүн кезексиз,
Оо жараткан... шыпаа берчи суранам.

Оорутпачы пенделерди онтотуп,
Ойду-келди жаман ойду ойлотуп.
Дабаа берип айыктыраар өзүңсүң,
Жоготууну бере көрбө боздотуп.

Оорунун да ушунчалык түрү көппү,
Алдыртып жатат ташы толгон өттү.
Боору ооруп боортоктогон канчасы,
Жанына дабаа издеп четке кетти.

Тамак-аштын аты да түрлөрү көп,
Өз жанына күйүшпөйт тойгуча жеп.
Жан чыдагыс оорунун азабынан,
Жөнөйбүз түркүн жерге табып издеп.

Жаратканым пендеңе топук берчи,
Адамга ден-соолук жан кенчи
Ааламды кыдыртып азап бербей,
Дартка дабаа, ооруга шыпаа берчи.

Жашообузда болсо болсун барчылык,
Жан дүйнөбүз оорубасын жанчылып.
Өмүрдүн өрүү кырын ашалычы,
Адашып кеткенче бизден жашчылык.





## СОҢ КӨЛДҮН АК-КУУСУ ЭЛЕҢ

*(Татыбүнүн элесине)*

Койкойуп көлдүн ак-куусундай,
Болоттун Акмөөр сулуусундай.
Элеси эсте калды сакталып,
Кинодо сулуу Уркуядай.

Сулуулукту берген жараткан,
Суктантып баарын караткан.
Кыргыздын чыгаан кызы элең,
Ала-Тоодой эмгек жараткан.

Сүймөнкул тарткан сүрөтүңдү,
Сыздатат көргөндө жүрөгүмдү.
Көргөнүмдө жүрөк зырп этет,
Татына слуу сүрөттөгү

* * *

Ууладыбы уусун чачып өмүрүңү,
Каaладыбы мерездер өлүмүңү.
Кол салышты наадандар кара мүртөз,
Пайдаланып назиктик мүнөзүңдү.

Ак-куулар да көлгө коно албады,
Атактуу сендей эч ким боло албады.
Өнөрүңдү өргө чаап өсөбү деп,
Өзгөлөр өгөйлөп көрө албады.

Жашоонун тата албадың таттуусун,
Өмүрдүн ашпай кеттиң көп ашуусун.
Жашооң да ушунчалык кыска беле,
Тагдырдын татып кеттиң ачуу уусун.

Өрнөктүү кызматты өтөп элиңе
Өмүрүңдү арнап келдиң жериңе.
Өксөтүп, өбөктөтүп боздотпой,
Өмүрдөн кетпесең болбойт беле?

Кызыл алма колго алып татына,
Карап турдуң термелип кыялдана.
Аттиң ай, ошондогу сулуулугуң,
Ичи тардын көңүлүн бузган тура.

Уркуянын ак бозун минип алып,
Ак жоолукту башыңа бууп салып.
Камчыны бүктөй кармап сен колуңа,
Койдуң беле аларга туз жалатып.

Элесиң элде калды эскерилип,
Эмгегиң ааламга кетти кезип.
Акактай аруу таза сулуулугуң,
Даңкталсын бүт аалам эли сезип.





## КАР ЖААДЫ КАРАЧЫ

Мынакей аппак кар жаады карачы,
Маанайыбыз күндөй ачык жайдары.
Жан дүйнөнү аруулантып тазартып,
Тоскоол болгон жамандыкты айдады.

Кардай аппак таза болсун көңүлдөр,
Ырыскыбыз толуп турсун төгүлбөй.
Элим, журтум аман болсун түбөлүк,
Туу алдында бир бололук бөлүнбөй.

Кардай аппак ырыскыбыз мол болсун,
Ордобузга оомат дөөлөт кут консун.
Пейилибиз аппак кардай тазарып,
Басаар жолдо багытыбыз түз болсун.

## КЕЛ ЖЫЛАН ЖЫЛ КЕНЧ АЛЫП КЕЛ

Жылан жылды үйдө күтүп отурам,
Жыландардын ханышасын окугам.
Аларды эл, байлыкка жакын дешет,
Ордосуна алтын зерди толтурган.

Жыландардын жокко канат куйругу,
Учпаса да күчтүү болот туйгусу.
Балык жылын жолго салды акырын,
Бул да болсо жаңы-жылдын буйругу.

Жылан жылы жакшы кабар алып кел,
Жер жайната ууну эмес чачкын зер.

Кан ордого толтура көр кенчиңди,
Кең ырыскы эл журтума бере көр.

## СЕНИ ТЭЭ БИЙИКТЕН КАРАШСЫН

*(Мээрим Мураталиевага)*

Талпына бер талыбасын канатың,
Сен көктөгү жылдыз болуп жанасың.
Эр жигиттей күчтүү кызым «Мээрим» деп Кыргыз
калкы балбандыгың баалашсын.

Бүркүт сындуу күүлөп каккын канаты,
Аруу аппак бүгүн сага таң атты.
Аппак-куудай татынакай кебетиң,
Эчендерди бир кылчайтып каратты.

Тагдырыңын ачып жаңы барагын,
Ийгиликти ишенимдүү жараткын,
Ибилистей ээрчинишкен сынчылар,
Издей берип издериңден адашсын.

Турпатыңа күлсө күлкү жарашып,
Тагдыр сага күлө багып карасын.
Талпына бер алга карай умтулуп,
«Мээрим» атың бүт өлкөгө тарасын.





## ӨМҮР КЫМБАТ БААРЫНАН

Жараткан жашасын деп өмүр берген,
Адам болуп бул дүйнөгө бир келген.
Баркын билип жашайлычы аздектеп,
Кайтаар күндү чыгарып койбой эстен.

Гүл өмүрдү гүлдөтөлү багбан болуп,
Тамырын кургатпастан сууну буруп.
Кайтаар күнүң келет тура суратпай,
Калабыз чын ажалдын уусун жутуп.

Жашоо токтоп өмүр бизден өткүчө,
Ажал тооруп акырет көздөй кеткиче.
Бул өмүрдү таттуу сүрүп жашайлы,
Көркоо ажал шашып бизге жеткиче.

Өмүр деген жер астында кен эмес,
Алтын күмүш, зерлериң да тең келбес.
Бар байлыгың берсең дагы калтырбай,
Өмүрүңдү кайрыганга күч жетпес.

## СУРАЙЫНЧЫ

Амандыкты сурайынчы силерден,
Бул ааламга жашоо үчүн бир келген.
Оорубастан жүрөлүчү бир боорлор,
А анткени өмүр бизге чектелген.

Чектөөсүнө четен карап турбайлы,
Жашообузду жаңырталы улайлы.

Биз мезгилден артта калбай жарышып,
Тирүүлүктүн бекем чебин куралы.

Аткаралы акындыктын милдетин,
Арабызга суук үшүтүп кирбесин.
Билек түрө бир бололу баарыбыз,
Бирге айдап тоскоолдуктун илдетин.

## ӨЗГӨРҮЛБӨЙТ ЗАМАНА

Өзгөрүлдү замана деп сүйлөйбүз,
Өйдө-төмөн билип-билбей желебиз.
Өтсө эгер башыбыздан оор күндөр,
Заманага шылтайбыз да жүрөбүз.

Саясатты жаш карыбыз сүйлөйбүз,
Туура жагын же катасын билбейбиз.
Өкмөттү жамандаса ким биреөлөр,
Жалааны жаап бут айыпты жүктөйбүз.

Жакшылыкты сабыр кылып күтпөйбүз,
Аны бизге ким кылаарын билбейбиз.
Барды жокту түртүп салып заманга,
Акыреттин бар экенин сезбейбиз.

Дүнүйө үчүн аалам кезип чамынып,
Оңой олжо табамын деп камынып.
Ар намысын алмаштырып байлыкка,
Жүзүбүзгө калдык маска тагынып.

Байлыгыбыз көбөйсө да өйдөлөп,
Туугандарды калганбыз биз өгөйлөп.





Байлык болсо улутуна карабай,
Жагалданып аярлайбыз бөпөлөп.

Мына ошентип сазга баттык чыгалбай,
Кембагалды калганбыз биз сыйлабай.
Кайсыл адал кайсыл арам экенин,
Ай, арман ай, калдык окшойт биле албай.

Ушул чиркин арсар болгон замана,
Көнүп бүткөн бере турган параңа.
Жаратканым жакшылыгын берсинчи,
Туз себесиң бүтүп жаткан жарага.

Оо жаратканым өзүң колдо элимди,
Оомат берип өнүктүргүн жеримди.
Кан ордобуз толуп турсун байлыкка.
Кайрып бергин аруу таза дилдерди.

## АЛТЫМЫШ ЖАШ КУРАГЫҢ

Алтымыш жаш келди сага сырдашып,
Өмүр шашып бара жатса кырды ашып.
Куттуу болсун алтымыш жаш курагың,
Белгилейли биргелешип жүз жашың.

Асан экөөң балдарыңдын сыйын көр,
Силер үчүн дайым болсун сыйлуу төр.
Төрдүн көркү үйдүн куту болгула,
Балдар үчүн төктүңөр го маңдай тер.

## ТИЛИБИЗ СҮЙЛӨБӨСӨ

Тил дегенде эмнелерди билебиз,
Талбай сүйлөп жаралган бир пендебиз.
Жаратканым сүйлөтүп эгер койбосо,
Жаныбардай жытташып эле жүрмөкпүз.

Тилибиз сезет ачуу-таттуу даамды,
Керекпи? эсептеп берет сандарды.
Тузун өткүр жасап койсо тамактын,
Так-так сүйлөп берип келет сындарды.

Тилибиз го ырдап берген ырларды,
Айта салат айтпай турган сырларды.
Тилибизди канча тишке катсак да,
Айтып салат көңүлдөгү армандЫ.

Тилибиз айтат жомок менен дастанды,
Сындайт кээде узун туура басканды.
Укпаса да сүйлөй берип токтобой,
Ойготуп коет иштебей уктап жатканды.

Айтып салат карап турсаң жалганды,
Жакшы билет калпын кайра танганды.
Тилден калбайт такыр эле тажатып,
Уусун чачып салат башка жаңжалды.





## КАЙРАТТУУ БОЛГОН ЭНЕЛЕР

Жайлоонун көнүп шартына,
Оокатка көрүп камылга.
Отун суу жасап жатат бейм,
Алыптыр балка колуна.

Көчүшкөн ашып бир белес,
Жайлоодон калган бир элес.
Жайды да жайлап мал багып,
Кайраттуу болгон кебелбес.

Уйду саап сүттү тартышкан.
Бышырып курут жасашкан.
Каймакты жууп сызгырып,
Карындап майды алышкан.

Чарчадым дебей жумуштан,
Баарына көңүл бурушкан.
Бапестеп карап балдарын,
Мээримин төгүп турушкан.

Кирлерин колго жуушкан,
Камырды ийлеп жуурушкан.
Тезекти калап от жагып,
Казанга нанды бышырган.

Кайраттуу эне кеменгер,
Теңдешсиз күчкө эгедер.
Тартса да турмуш ызгаарын,
Туруштук берген энелер.

## БАЛАГА БАЙЛАНАСЫҢ

Балага байланасың казыгы жок,
Бере турган балага азыгың көп.
Эненин тамырынан агып келген,
Сүтүндөй дары болбос балага сеп.

Эне болуп элжиреп сөгүлөсүң,
Жалбарып жамгырдай төгүлөсүң.
Аймалап ак сүтүңү эмизгенде,
Мемиреп сымаптай бөлүнөсүң.

Баланын бар кыялын көтөрөсүң,
Бапестеп аяр карап өстүрөсүң.
Шипширин тили чыкса «апа» деген,
Жетине албай тээ көккө көкөлөйсүн.

## ЭМГЕГИ ӨРНӨК БОЛГОН ЭЛИНЕ

Ак эмгегин эл жерине арнап кеткен,
Баар тапкан бааланып өмүр кечкен.
«Баатыров Мариш» – деп аты таанылган,
Баардык аймак элине сыймык элең.

«Карл-Маркс» колхоз деп аты коюлган,
Башкарууга милдет алып жыйындан.
Элим үчүн бүт өмүрүм арнаймын деп,
Эрки күчтүү уул чыккан «Сай» айылдан.

Күн-түн дебей жан үрөп кылып кызмат,
Убадага бекем туруп мыйзам сыйлап.





Аткарылып баардык берген убадасы,
Жогор жактан берилди сыйлык урмат.

Союз мезгил бийликтин күчтүү маалы,
«Он жылдыкты» беш деп коюп планды.
Ар дайым милдеттенме аткарылып,
Баатыровго берген орден медалды.

«ОГОНЁК» Россиянын журналына,
Ар дайым чыгып турган сандарына.
Эмгегин таанытып бүт өлкөлөргө,
Көрсөтүлгөн кызыл туу байрагына.

Өмүр жолуң түгөнбөгөн чоң тарых,
Өчпөй такыр урпактарга из калып.
Өткөн кездин элесин алмаштырып,
Баатыровтун айкелин коюп алдык.

## АЛАКА

АЛАКАны түзүп баардык аймакка,
Алга басып узун көчүн баштаса.
Жазалычы көөдөн толоо ырларды,
АЛАКАны таанытып бүт ааламга.

АЛАКАга бирге кадам таштайлы,
АЛАКАнын жолун улап баштайлы.
Ордобузга суук сөздү аралатпай,
Ортодогу ынтымакты сактайлы.

Эки элди бириктирген Алакасың,
Эл үчүн ынтымактык жаратасың.

Ошондуктан жети дубан бириккен,
Эл аралык АЛАКА деп аталасың.

## АКЫНЫМ

Купулга толгон ыр жазасың акыным,
Көөдөндөгү сөздүн терип асылын.
Ыр дүйнөгө жаралгансың башкача,
Көтөрүп бийиктерге ыр кадырын.

Таштак жолдо тайбай басып өтөсүң,
Талантыңа таамай көңүл бөлөсүң.
Тагдырыңа келген канча сыноону,
Тайманбай ырың менен жеңгенсиң.

Ыр жазасың терип сөздүн берметин,
Ыр майданда ат салдырбай келесиң,
Талпына бер талдырбастан канатың,
Түпкүлүгүң Кара-Кулжа жерденсиң.

Таланттуга кулач жайып кересиң,
Жүрөгүңдөн мээрим берип келесиң.
Канат күүлөп бийиктерге учса деп,
Сыйлыктын да эң кымбатын бересиң.

Уча берсин сен таптаган талантар,
Учалбаган дагы канча талант бар.
Улуу көчтүн улаштырып чынжырын,
Таланттардын устаты болуп жүрө бер.





## ДӨӨЛӨТҮН БААЛАЙМ ТАЛАНТЫН

Атың Дөөлөт, атагың куудул Дөөлөт,
Жашооңо берилгенби чектүү мөөнөт.
Тагдырдын катаал тура мыйзамдары,
Адамзат аргасыздан кантмек көнөт.

Талантың такыр башка берилгенби?
Же мага өзгөчөдөй сезилгенби.
Сенин турган турпатың өзү эле,
Куудулдар чокусуна жеткиргенби?

Аялдардын жакшы жаман жактарын,
Дал өзүндөй окшоштуруп аткардың.
Кээ бирлери сенин айткан сынындан,
Кабыл алган жакшы керек жактарын.

Дөөлөт сен өзгөчө талант куудулсуң,
Элиңе журтуңдун из калтырган уулусуң.
Өнөрүңдүн өзгөчөлүк жактарын,
Жетимиш, токсон, миң түрлүү кырдуусуң.

Дөөлөт сен жарыштан озгон дулдулсуң,
«Аралашта» жарык чачкан жылдызсың.
Талантыңды таруудай чачып сахнага,
Устаты сен өсө турган уул-кыздын.

## ТАГДЫРДЫН КАТААЛ СЫНООСУ

Балалыгым баёо жүргөн кезим тура,
Бар байлыгың ата-энең тирүү турса.
Сезбепмин жоктун-бардын эмне экенин,
Садагалап өз мээримин берип турса.

Бир тууган кайрат берээр күчүң тура,
Акыбалың кандайлыгын сурап турса.
Ойлонбой күн кечирип жүрүптүрмүн,
«Оолтубуз» ордобуз бүт турганда.

«Оолтубуз» ойрон болуп талкаланды,
Көз жаштарым төгүлүп селдей акты.
Опол тоодой ата-энем, бир тууганды,
Ажал келип желкелеп алып тынды.

Жалгыз иним калган эле үйүндө,
Ата-энесин жоктоп боздоп күнүгө.
Бой жеткенин көрбөй кетти экөө тең,
Өксөп ыйлайт жалгыз уулу күнүгө.

Күндөр өтүп, айга айланып жыл болду,
Бойго жетип он сегизге да толду.
Армиядан өтөп келип кызматын,
Турмуш жолун бассам деп кадам койду.

Кубанчыбыз узактарга баралбады,
Балдарына сүйүктүү ата боло албады.
Касын тигип дабаасыз жаман илдет,
Каза кылды, үмүтүбүз талкаланды.





Оо жараткан! Сыноо берип сынадың,
Сынагыңа туруштук бердим чыдадым.
Унуткарып күйүттөн эми эле чыгаарда,
Ууңа бизди ууктуруп чыладың.

Ууладың ууңду жутуп мен куладым,
Арасында калдым кара булуттун.
Эх тагдыр!... каардуу белең ушунчалык,
Чырагы өчтү бир жанган үмүттүн.

Бул тагдырга чүкөдөй мен өкчөлдүм,
Канча кайгы азаптарды өткөрдүм.
Акыретке артынан же бара албай,
Аргасы жок боздоп-ыйлап өксөдүм.

## КАРЫГАНДАН КОРКПОЙМУН

Карылыктын доорун сүргөн убагым,
Каада сактап акыл калчап турамын.
Көп сүйлөтүп акыл-эстен тандырып,
Койбосо экен карып кылып кудайым.

Жашап жатам карылыктын доорунда,
Жаңылбаймын сөзүм дагы ордунда.
Жабыркатып жан дүйнөмү сыздатып,
Жаткан жерге мыктап коюп оорутпа.

Жылдан-жылга алдан кетип барамын,
Буттан тайып чалыштап кээде каламын.
Оор жүгүмдү артамбы деп балдарга,
Түшүп кетем түпкүрүнө санаанын.

Көздүн нуру боз чалгансып бозоруп,
Кулак укпай калса кантем томсоруп.
Сөзүн укпай кайрып суроо узатсам,
Капа кылып койбосо дейм мостойтуп.

Жаш улгайса карыгандан коркпойум,
Кайрат күчүм болушунча топтоймун.
Ойлономун жашоомдогу бир гана,
Карып болуп калбайын деп коркомун.

## ӨНҮГҮҮНҮ КӨРБӨЙБҮ

Ооба азыр, тойбогондор арабызда көбөйдү,
Ажобузду жамандап, калганын дагы өөнөйбү.
Бул тарыхта болсо дагы, элди бузган түркөйлүк,
Эсиңерге келгиле, элди экиге бөлбөйлүк.

Туура сөз сүйлөбөгөн наадандар да көбөйдү,
Чечсе болмок оң жагына эл ичинде көйгөйдү.
Кызыкпайт, кызыктырбайт эч кимди элдин тагдыры
Элибиздин жаңырып, өзгөргөнүн көрбөйбү.

Жылдан-жылга өлкөбүз да өнүгүп өзгөрүлдү,
Чечип жатат эл ичинде чиелешкен көйгөйдү.
Калпты чындай сүйлөп кызык ажобузга жалаа жаап,
Казынага колун салып, жеп ичкендер көбөйдү.

Эки дос да иштеп жатат тоскоолдорго карабай,
Эл журт үчүн кара жанын карч уруп, эч чарчабай.
Эл ыраазы, журт ыраазы эмгегине достордун,
Алкап жатат эки досту бата берип баталарын аябай.





Өлкөбүз, өзгө өлкөдөй өсө берсин өркүндөп,
Айтылсын калкыбызда кастарлуу таза айкын кеп.
Бул жомок деп шылдың кылып бизге күлүп жүргөндөр,
Жүрүшкөн чыгаар балким, убайым кылып кайгы жеп.

## ЖАШОО ӨЗ КОЛУҢДА ЖАШОО ӨЗ КОЛУҢДА

Башты ийебиз макул болуп тагдырга,
Бирок билгин түз жолуңдан жаңылба.
Кандай жашап кандай өмүр сүргөнүң,
Ой калчагын баары сенин колуңда.

Сынап бизди жашоо берди жараткан,
Сыноосуна туруштук берип чыдасаң.
Сабыр тутуп сансыз ойго чөмүлбөй,
Жакшы адам бол өмүр нугун улаган.

Дилгир бол билимге сезим сугарган,
Илим менен ааламга жолду кураган.
Ишкер болгун эл үчүн кызмат аткарып,
Айткан сөздүн өтөсүнөн чыга алган.

## ДЫЙКАН ЖҮРӨТ

*(сонет)*

Кетмен чаап дыйкан жүрөт талаада,
Мээнет кылып маңдайдан тер агызып.
Түшүмүн берет эмгек кылса эринбей,
Жайкалган эгин желаргыга ыргалып.

Жер жемиштин түрлөрүн эгип талаага,
Суу сугарып жөөктөрдү жүрөт аралап.
Түшүмүн берет көңүл буруп караса,
Дары-дармек берип турса жакшылап.

Мөмө-жемиш баары бышса салаалап,
Болгонуна кылып турам канагат.
Жеген сайын жээгиңди эле келтирет,

Берекесин бере берсин жараткан,
Эмгегинин үзүрүн көрсүн ар адам.
Кандай сонун мээнет кылып иштеген,

## КЕЧ КҮЗ КЫШТЫ КҮТҮП

Желге ойноп жалбырактар жерге түшүп,
Бак дарактар жалбыраксыз турат үшүп.
Кыш келсе жол бошотуп берейин деп,
Кеч күз турат аппак кар кышты күтүп.

Түшүмү мол, дыйкандарга маани берип,
Жыйналбай калганына кейип кепчип.
Күз милдетин аткарып карбаластап,
Бара жатат тазалап жыйып терип.

Жер бети боз тартып турса кубарып,
Күздү береке берсе деп кубанып.
Кыш, жаз, жайга колун сунуп коштошуп,
Кар жамынып турайын дейт дем алып.

Келем кайтып жалбырагым байланып,
Мезгил өтсө кайра күзгө айланып.





Бышыкчылык берекесин тартуулап,
Сунуп турсам баарыңарга жайгарып.

## ЖАЗА БЕР МАХАБАТТЫН ОТТУУ КҮЧҮН

Жаза бер лириканы түгөнбөгөн,
Сүйүү ырына берилипсиң өтө терең,
Ырларың жетпей калган ашыктардын.
Жүрөгүнөн түнөк тапсын кенен-кенен.

Сүйүүгө толгон окшойт ыр куржунуң,
Сүйүүнүн тарткан белең кайгы муңун.
Жаза басып адашып калган белең,
Ашыктыктын түгөнбөгөн ой чуңкурун.

Ооба арман бар баарында билинбеген,
Ким бар дейсиң жүрөгү тилинбеген.
Сүйүүсүнө чырмалышып жетпей өксүп,
Калган көп бутасына илинбеген.

Арзуусуна жеткен бар жетпеген бар,
Жетпей калып тагдырга таарынган жар.
Кокустутан баш кошуп жашап калган,
Сүйбөй туруп урматтап сыйлашкан бар.

Биз билбеген сүйүүнүн сырлары бар,
Адаштырып жолун тоскон жолдору тар.
Ашыктыктан обон созуп ыр жараткан.
Барпы акындын айтылуу мөлмөлү бар.

## АТА-ЖУРТУМ КЫМБАТСЫҢ

Ата-журтум кымбатсың мага алтындан,
Кубат алам Ата-журт деген атыңдан.
Арзуу кылып канча жүрдүм жете албай,
Билсең мага Ала-Тоодой баркың бар.

Өз койнуңда өспөдүм мен бой жетип,
Журтуңбу деп өзгөлөрдөн сөз кетип.
Өйүтүп ушул сөздөр жүрөктөрдү,
Ата-Журтум турам азыр мен келип.

Алай-Куу, Ой-Тал атам өскөн жер,
Бала кезде чуркап ойноп төккөн тер.
Эр жетип өз элине кызмат өтөп,
Орусияда тылда иштеп кеткен жер.

Өскөн жери кооз көрүнүп көзүмө,
Айылын атамдын көрдүм сүйүнө.
Жашоо шарты туура келбей ал кезде,
Куса болуп жүргөн айылын көрүүгө.

* * *

.....Атакем эч байкабай жүргөмүн да,
Сагынуу оор болушун, сезбедим да.
Эми гана сый көрөөр мезгил келгенде,
Атаке ажырап калаарымды билбедим да .....





## СУКТАНАМЫН

Суктанамын келишкен келбетиңе,
Бүлүк салдың аруу таза сезимиме.
Кайдан келдиң, кайда жүрдүң жолукпай ?
Кыялымда издеп жүргөн кезимде.

Суктанамын токтоо мүнөз келбетиңе,
Сумсайтып жүрөгүмдү койдуң неге?
Сезимдеги соолуган гүл бакчама,
Мүрөк суусун сепкени келдиң беле?

Суктанып сугум артып жүрө берем,
Таппай жүргөн арзуума дабаа белең ?
Баалуу буюм болгонуңда колумдагы,
Сыр сандыкка катып сени коёт элем.

## ЫЙЫК ГҮЛДӨЙ АЯЛ ЗАТЫ ТАБЕРИК.

Гүлдөй болгон гүл өмүрдү өткөрдүк,
Бул жашоодо гүлдүн түрүн көп көрдүк.
Төрт жүз жылда бир ачылган ыйык гүл,
Таң калтырып суктандырдың көптөрдү.

Аял заты ушул гүлдөй таберик,
Гүлдөй назик түгөй болот жан шерик.
Качан болсо төгүп турат мээримин,
Булуттан ай чыккан өңдүү жарк этип.

Аял затын ушул гүлдөй асыра,
Тил тийгизбей баркына жет кадырла.

Колдоп турсаң көкөлөтүп көңүлүн,
Кыш болсо да айланат го жазыңа.

Аял заты түгөнбөгөн казына,
Чыдап келет ысыгыңа, суугуңа.
Гүлдөй назик болгон менен турпаты,
Гүл азыктай дем күч берет баарыңа.

## КАРЛЫГАЧЫМ

Карлыгачым деген сөзүң эсимде,
Кандай сырды салып кеттиң сезимге.
Канат күүлөп учуп сага жете албай,
Кала бердим алма бактын четинде.

Күндө келем ошол бактын түбүнө,
Кыялымда жолуксам дейм сүйүнө.
Күтө берип карыкканда карегим,
Жал-жал карап кайтам үйгө түңүлө.

Карлыгачтай канат күүлөп учсам дейм,
Катарлашып жандай басып күлсөм дейм.
Кайрылып сен кайра келсең багыма,
Кучагыңда гүлүң болуп жүрсөм дейм.

## КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ

Эски жыл, жаңы жылды утурулап,,
Узап барат жаңы жылга кол булгап.
Бүт ааламды жаңылантып жаңыртып,
Кел жаңы жыл, маанайларды аруулап





Кел жаңы жыл, аппак карды жаадырып,
Жаңы жашоо жаңы бакыт артынып.
Бүт ааламга нур төгүлсүн жаркырап,
Жакшы жыл бол жакшы изиңди калтырып.

Кел жаңы жыл, кары-жашты кубантып,
Жашыбызды бирден жашка узартып.
Берекелүү жакшы жыл бол сен дагы,
Эски жылдын ийгилигин улантып.

## ТАШТАГЫ ГҮЛ

Жараткан мээрим төгүп ташка да,
Жаратыптыр гүлдүн түрүн башкача.
Бири кызыл, бири сары, кырмызы,
Жыты сонун жыпар чачат жыттаса.

Таш түбүнөн булак чыгып турбаса,
Бир жан барып түбүнө сууну куйбаса.
Жараткандын кереметин карачы,
Суу жетпей тамыры куруп калбаса.

Таш болсо да сүйүп койнун ачыптыр,
Кучагына гүл өстүрүп алыптыр.
Таштын дагы мээримине рахмат,
Кыз жигиттей кыналышып калыптыр.

## ЧЫМЧЫК БОЛДУ СЫРДАШЫМ

Бозоргон туман каптап айланамды,
Жыйнактай албай турам ой санаамды.
Чубалышкан оюмдун учун таппай,
Олтурам жаандан тосуп кол чатырды.

Отурам жалгыздыктан куса болуп,
Көөдөнүмө көлкүлдөп ызам толуп .
А сенчи ?...боз чымчыгым ушул бакта,
Турасың үн катпастан жалгыз конуп .

Меникине тагдырың окшош белем?
Сейилдеп ушул бакка дайым келем.
Себебин билгиң келсе эмнеге деп,
Сүйүүмдү ушул жерден тапкан элем.

Менин сүйүүм ушул жаандай жаап өткөн,
Түгөйүм ушул бактан мени күткөн.
Колтукташып бак аралап баратып,
Арзуусун чын дилинен арнап кеткен.

Сен чымчыгым жаанда үшүп калгандай,
Түгөйүңдү неге калдың жандабай?
Боз туманда калган окшойт адашып,
Күтүп аны турасыңбы сайрабай.

Күткөн күндүн келээри бар жашоодо,
Белди байла алга кадам таштоого.
Кел боз чымчык күтпөй өмүр сүрөлү,
Мезгил келди жаңы жашоо баштоого.





## СУКТАНЫП ЖАЛГЫЗ ОЛТУРАМ

Суу жээгине жалгыз келдим илхам менен,
Табияттын мага дайым койну кенен.
Кандай сулуу керемет чар тарабы,
Баардык мактоо жарашат айта берсем.

Суктанамын жаратылыш койнуңа,
Арча, кайың, карагай, тал баарына.
Тоодон түшкөн мөлтүр тунук суулары,
Шоокум салат табият койнун жаңырта.

Суу жаңыртып жаратылыш жылгасын,
Тыңшап турам булбул куштун сайрашын .
Суу жээгинде ойго батып олтурам,
Кулак салып тыңшап суунун ырларын.

## КӨЛ ЖЭЭГИНЕН КҮТӨМ СЕНИ

Мен келдим көл жээгине издеп сени,
Бир сезимим жетелеп келди мени.
Коштошуп кол булгалап кубанычта,
Узатып карап турдум ак кемени.

Көл толкуса толкунуна термелип,
Шамал үйлөп чачтарымды сермелтип.
Тээ алыстан күндүн нуру жаркырайт,
Жээкте жалгыз калдың өзүң дегенсип.

Айдың көлгө ак-куулар консо эгер,
Ак-кеме көл үстүндө сүзөөр бекен.

Көлдү жээктеп күнүгө күткөнүмдү,
Айдарым жел жеткирип барат бекен?

Куса болуп жээкте турганымды,
Кемедеги бекзаада сезээр бекен ?

## АК ЖАМГЫРДЫ САГЫНДЫМ

Жаратылыш өзгөрүп жылдан-жылга,
Суусу жок кургап барат дагы канча?
Жаратканым сынап жаанды жаадырбай,
Кургакчылык курчады жерди мына.

Дыбыраган жамгыр үнүн сагындым,
Күн бүркөлсө жааса экен деп жалындым.
Чаң учурган шамал болуп бир саамга,
Жамгыр жаабай күн жарк этип ачылсын.

Жаачы жамгыр жаай бергиниң төгүлүп,
Суулар аксын өркөчтөнүп көбүрүп.
Эгин эгип эмгек кылган дыйкандар,
Эмгегинен баар табышсын сүйүнүп.

Бак дарактар бозоруп чаң жамынып,
Шамал болсо тазаргансыйт кагынып.
Жамгыр жааса жашылданып жер бети,
Көркү ачылат толгон айдай жаңырып.





## КАРЫЛЫКТЫ КАБЫЛ АЛАМ

Үстүмдөгү ак көйнөгүм жаңыланды,
Күн нуру жылуулукту тартуулады.
Аппак жүзүм аруу таза сезимдерим,
Толгон айдай толукшуп жаркылдады.

Карылык каарын салса кабыл кылам,
Карылыкка жеткирсин Аллах Таалам.
Карылык жолу бүтүп калган кезде,
Куран жаттап бейиштин жолун ачам.

Жазылбай ырым калса өкүнбөймүн,
Жан дүйнөмө жарака кетирбеймин.
Көөдөндөгү толуп ташкан эргүүнү,
Жардылыктан кайгырбай ээрчитемин.

## ЖАЗСАМ БОЛМОК УЧУРУНДА

Бала багып, бүтчү эле үй жумуш да,
Жаңылып калбайын деп бул турмушта.
Талантымды сактап жүрө бериптирмин,
Тартынбай жазсам болмок учурунда.

Үй-бүлөмдөн кете албай алыстап,
Жан дүйнөмдү койгон элем багыштап.
Бар байлыгым, бар үмүтүм балдар деп,
Жаратканым бергени деп табыштап.

Мен ушинтип талантымдан аксадым,
Чектен чыгып ойду-келди баспадым.

Турмуштун катуу кармап туткасын,
Жаш улгайып алтымыштан ашканмын.

Улгайганда эргүү койбой алыма,
Уюлгуган ырлар түшүп жадыма.
Бойду түздөп калем кармап колума,
Ыр жазууга көрүп жатам камылга.

## ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ

Ак-куу сымал көл үстүндө сүзгүм келет,
Көөдөн толгон ырларды жазгым келет.
Алыкулдай көл жээгинде кыялданып.
Терең ойдун кучагында баскым келет.

Көөдөн толо толкун болуп ырларым,
Жээкте олтуруп кээде келет ыр жазгым.
Көл толкуса толкунуна арбалып,
Көлдү бойлоп келе берет сырдашкым.

Көл боюнда ойлономун термелип,
Толкундарын кечким келет белсенип.
Жүрөктөгү кусалыгым сезгендей.
Чачтарымдан сылагансыйт жел келип.

Менде да кусалык бар айтылбаган,
Сырлары көп чийеленип чечилбеген.
Алыкулдай ичке сактап арманымды,
Ырларым бар ак баракка чийилбеген.





## АЙ КӨЛДҮК БАР АКЫНДАРДА

Ырларыңар жан эргитет жүрөктү ээлеп,
Ыр жазууга шыктандырат болуп себеп.
Көмүскөдө көрүнбөгөн ырларымды.
Көрүк сымал жалындатып сууруп келет.

Таасир алдым акындарым өзүңөрдөн,
Тарбиялык даана айткан сөзүңөрдөн.
Тайпалаш болгонума курсант болуп,
Жылуулукту сезем дайым жүзүңөрдөн.

Ай көлдүк бар акындардын жүрөгүндө,
Байкалбайт жандап жакын жүрбөгөнгө.
«Байкалдай» тереңдик бар толуп ташкан,
Баа жеткис азык берет жан дүйнөңө.

Берген азык өмүрдү бүрдөткөнсүйт,
Сезимди дүлүктүрүп дүрбөткөнсүйт.
Соолугансып бараткан сезимдерди,
Жашоо берип буралтып гүлдөткөнсүйт.

## ЖАШТЫГЫМА ТОЙБОЙ КАЛДЫМ АТТИҢ АЙ

Жаштыгыма канбай такыр кумарым,
Он сегизге толуп турган курагым.
Ала качуу күчөп турган салт эле.
Мен ошонун болгон элем курманы.

Тагдырдын мойнума артып куржунун,
Жашоо үчүн бардыгына жүз бурдум.
Кадам таштап арт жагыма кылчайбай,
Бактым үчүн бийиктике умтулдум.

Өттү жаштык өчүп жанган жылыздай,
Өткүн сымал жаап өткөн жамгырдай.
Сезбей калдым кандай өттү жаштыгым,
Жаштыгыма тойбой калдым аттиң ай!..

Бала карап түйшүк менен алышып,
Артта калбай мезгил менен жарышып.
Жалындаган жаштыгымдын убагын,
Мезгил менден койгон тура жашырып.

## ӨТКӨН КҮНДҮ ЭСКЕ АЛЫП

Эстеп бүгүн өткөн күндү мурдагы,
Ал мезгилде алыс болчу суу дагы.
Чака илип бакандa суу көтөргөн,
Кыз келинге жумуш эле бул дагы.

Ооба, ал кездин айрымасы бийик турчу,
Адамдардын жан дүйнөсү тунук болчу.
Чарчадым деп аярлык кылалбастан,
Керек сууну кебелбей ташып койчу.

Ал убакта келин кыздар күчтүү болгон,
Кармаганы айры менен чалгы болгон.
Колхоздун чөбүн жыйнап бериш үчүн,
Жерди бөлүп гектарлап план койгон.





Жөнөчүбүз эртең менен күндө ишке,
Аткарып биз пландарды дайым бешке.
Жумуштун оор жеңилин тандабастан,
Иштечүбүз чарчабай саардан кечке.

Нурун чачып күндө атуу аппак таң,
Кечке иштеп болоор элек боп-поз чаң.
Иш бүткөндө чарчаганга карабай,
Курат элек кубалашып күлкү шаң.

## ПЕКИН СТУДЕНТИ АЛТЫНАЙГА

Дилиң таза оргуп чыккан булактай,
Билим алып кеттиң бизден ыраактай.
Бөтөн элдин көнүп баардык шартына,
Бийикке карай умтула бер Алтынай.

Илим издеп түшүпсүң чоң жарышка,
Жакшы окуп тургун бекем намыска.
Тилегиңди кабыл кылсын жараткан,
Жеткин сиңдим кандидаттык «наукка».

Илимдин түпкүрүнө сүңгүп кирип,
Изден, оку, билимдин баркын билип.
Кол жеткис бийиктикти багындырып,
Ишенимдүү кадам ташта билек түрүп.

Баскан жолуң ачык болсун ар дайым,
Бакыт, таалай баарын сага каалаймын.
Жалгызымдан калган менин белегим,
Маңдайыма аман бол менин айдайым.

## ӨМҮРДҮН ӨРҮН КӨЗДӨЙ БАРАТАМ

Өмүрдүн өрүн ашып бара жатам,
Өрөпкүп көөдөнүмө сыйбай барам.
Өр таянып туруп калсам дем алып,
Өмүр да, алга бас дейт таштап кадам.

Кадамым бара жатат майдаланып,
Карылык тушоо салат колдон тартып.
Өмүрдүн алсыз жагын карап турат,
Илдетин учкундары дүрбү салып.

Жыл өтүп карылыкка моюн сунуп,
Каруу кетип бара жатат ал курутуп.
Жаш кезди эске салып өтүп кеткен.
Жашаргансыйм улгайганым унутуп.

Жашоону узартууга жетпейт дарман,
Өмүрдүн аздыгы ай аттиң арман.
Өксүтүп өмүр бүтүп калат тура,
Бул жашоонун баарысы баары жалган.

Бар дешет акыретте чындык дүйнө,
Амал кылсаң киресин дейт бейиш үйгө.
Өмүр өтөт кааласаң-каалабасаң,
Түбөлүк жашабайбыз бул дүйнөдө.





## ӨГӨЙҮ БОЛБОЙТ

Өтөт жашоо өйдө-төмөн чайпалып,
Өксүгөнү өң жүзүнөн байкалып.
Улгайганда көз салганга жарабай,
Уулапдырып кетет бир күн ой салып.

Тагдырына жазган болсо жараткан,
Табылаар дейм туура жолдо бараткан.
Болбойт дешет эрге аялдын өгөйү,
Бул жашоодо өксүбөстөн жашасаң.

Ажал тооруп алып кетсе жубайын,
Айла канча тартып турат убайым.
Калалбайт го арачалап ажалдан,
Бул жагында колдоп турсун кудайым.

## ЖАШТЫГЫҢДЫ КОШТОБОЙТ

Курагыбыз жылбай токтоп турса да,
Мүрөк суусун өлбөстүккө сунса да.
Кайран жаштык өтө берет зымырап,
Чеп курдуруп орго салып койсо да.

Жаштык курак өтө берет токтобойт,
Өткөн күндөр бир-бирине окшобойт.
Чачты буурул, бети бырыш басканда,
Өмүр сенин жаштыгыңды коштобойт.

Оо жаш курак, кайда шашып барасың,
Карылыктын катаал жолун табасың.

Токтой турчу алга карай чамынбай,
Жолуң бүтсө туңгуюкта каласың.

Туңгуюкта жолуңду улап кетпейсиң,
Түбөлүктүү жашоого да жетпейсиң.
Жашың өтсө карылыкка аттиң деп
Жаштыгыңдын ар-бир күнүн эстейсиң.

## КЕРЕМЕТ ЖЕР АЛАЙ-КУУ

Барып көрдүм Көк-Артты,
Койбоптур бекер бул аты.
Көк кашка суусу мөлтүрөйт,
Койгондой чачып акакты.

Ала-тоо турат курчалып,
Аскасы көктү тиреген.
Бооронда оттоп кулжалар,
Кийик от чөбүн ирмеген.

Оргуштап акса булагы,
Көйкөлөт шибер тулаңы.
Таштан-ташка секирип,
Эликтин ойнойт улагы.

Улары сайрайт зоосунан,
Бүркүтү учуп шаңшыган.
Түлөтүп кушту түнөктөн,
Учурса көктө кайкыган.

Суу бойлоп конуп элдери,
Уучулук болуп эрмеги.





Жашап калган турбайбы,
Жагып көрктүү жерлери.

Кут түшүп турган жер экен,
Коюну толгон кен экен.
Сыйлап турган конокту,
Кадырлуу нарктуу эл экен.
Алай-Куу соонун жер экен!

## СОГОТ ЖҮРӨК

Тирүүлүктө согот жүрөк токтобой,
Органдардын эч бирине окшобой.
Сезип турат жакшы-жаман иш болсо,
Алдын ала бирөө айтып койгондой.

Жүрөк сүйөт, жүрөк күйөт баары үчүн,
Жүрөк ыйлайт жүрөк сыздайт ким үчүн?
Жүрөгүңүн ар бир соккон добушун,
Угуп жатсаң тирүүлүктүн бары чын.

Соксо жүрөк демек жашап жатасың,
Баардык сырды дал толтого катасың.
Катылган сыр сезимиңди козгосо,
Калем кармап сүйүү ырын жазасың.

Жүрөгүңдө сүйүү турса чыдатпай,
Оргуп чыккан мөлтүр тунук булактай.
Арнап турчу ак сүйүүңдү селкиге,
Жан дүйнөңдү жабыркатып кууратпай.

Сүйөт жүрөк атаны, эне – баланы,
Сүйөт жүрөк эже-синди, аганы.

Сүйүп бүтпөйт согуп турса бул жүрөк,
Өмүр шерик түгөй болгон аялды.

Жүрөк сүйөт ата-мекен жерлерин,
Ата-конуш, Ата-журтун, мекенин.
Муштай жүрөк сүйүп баарын калтырбай,
Улаштырып келет жашоо кербенин.

## НАЗДАНБАЧЫ

*(өтүнүч боюнча жаздым)*

Карагатай көздөрүңдөн жоодураган,
Сүйүүм үчүн кыламын жанды курман.
Сезсең болду сен деген сезимимди,
Жылдызым сен көктөгү жанып турган.

Ашык болуп артыңдан калбай келем,
Ак сүйүүмдү арнаймын көлдөй терең.
Арзуумду кабыл алчы бото көзүм,
Жан дүйнөмдү жабыркатпай назың менен .

Назданып кыйгач карап жылмаясың,
Каш серпип көгүчкөндөй суйкаясың.
Бүт денемди калтырак басып кетет,
Сезимимди сыздатып кыйнаганың.

Жүрөктү жалыны жок өртөбөчү,
Карындаш сунушума жок дебечи.
Суурул берем керекпи жүрөгүмдү,
Сүйгөнүңдү билдирип койсоң эми.





Аткарылса арзуулар ойдогудай,
Тилегимдин баарысын берсе кудай.
Түгөй болуп жүрсө дейм түбөлүккө,
Чаңкаганым кандырган булак суудай.

## ЭМИ СЕНИ КЕЧИРБЕЙТ

Жүргөндүрсүң алды-артыңды карабай,
Өзгөрүлүп өзүңө тең санабай.
Өзүңдү өзгөчө баалап суктанып,
Ээрчип кеттиң жетим калган тайлактай.

Кайтсаң дагы эми кайра сүйө албайт,
Жүрөк эми мээрим төгүп күтө албайт.
Жан дүйнөсүн мерездике айланттың,
Муздаган сүйүү эми кайра жана албайт.

Эми кантип түнөгүңө кайтасың?
Жаңылдым деп кантип эми айтасың ?
Жан дүйнөсүн жанчып кеттиң башкага,
Муз жүрөккө кандай дабаа табасың?

Кайра келсең мээрим салып карайбы?
Сенден алган азап уусу тарайбы?
Уугуп турса жан дүйнөсү жарыңдын,
Мурдагыдай сени сүйүп самайбы??

Жуусаң деле калат кетпейт тактары,
Оңдосоң да ордуна келбес баштагы.
Кандай сүйүп, канча мээрим берсең да,
Соолуган гүлдөй кала берет бактагы.

## МУҢАЙБА СЕЗИМ

Муңайба сезим муңайба,
Түшпөгүн такыр убайга.
Бир кезде сен да тең элең,
Жарыгын чачкан күн айга.

Муңайба көңүл муңайба,
Карабайт экен ал жайга.
Көркөмүң сенин тең эле,
Гүл жытанган жаз айга.

Муңайып көңүл чөкпөсүн,
Муңканып өмүр өтпөсүн.
Муңайтып жүрөк оорутсаң,
Мезгилим айып этпесин.

Муз тоңбосун жүрөккө,
Мерездикти түнөтпө.
Мээримиңе жылытчы,
Муз калбасын жүрөктө.

## КЫЗЫЛ АЛМА

Күз келип жер жемиштер бышкан мезгил,
Мөмөсүн көтөрө албай турган кездир.
Кызарып шакта турган кызыл алма,
Киного тартса го деп козгойт сезим.

Кызыл алма киного жаралгандай,
Татыбүнүн сүйүүсүн жараткандай.





Кош колдоп алма сунуган Сүймөнкул,
Куп жарашып келбетине тургандай.

Колго кармап берген кызыл алманы,
Жылмайыңкы жайнап турду жамалы.
Жал-жал карап ачык жооп айталбай,
Жан дүйнөсү сыздап ооруп баратты.

## ЭКИ ЖАШКА КААЛОО

Аруу сезим сүйүүнү арнаштыңар,
Бакыт кушун учурбай байладыңар.
Кол кармашып түбөлүккө бир болсок деп,
Жашоонун татаал жолун тандадыңар .

Турмуштун жолу узун басаарыңа,
Бек кармашып сынбагын сынагына.
Өмүрдүн таттуу балын бирге татып,
Турмуштун туткасын бек кармагыла.

Жакшыларга жаркылдап жанашкыла,
Басаар жолдун туурасын карагыла.
Кабыл алып үй-бүлө мыйзамдарын,
Кайын журтту кадырлап сыйлагыла.

## АТА ЖУРТУМ МЕКЕНИМ

Ата-Журтум ыйыгымсың мекеним,
Кайда жүрсөм жүрөккө дем бересиң.
Алыс жүрсөм сагынамын өзүңдү,
Көздөн кетпейт көрктүү сенин элесиң.

Теңдеши жок Ата-Журтум мекеним,
Ырга кошуп даңктап сени келемин.
Койнуң толо жемишиң бар кениң бар,
Эзелтеден элди багып келесиң.

Ата-Журтум айтып бүтпөс дастаным,
Көз тийбесин көркүңө башкалардын.
Ыр жазсам да, ырдасам да түгөнбөйт,
Ала-Тоодон түшкөн тунук сууларың.

Ата-Журтум бүт дүйнөгө мактанам,
Атактуулар сенден өсүп даңкталган.
Бири врач, бири акын ыр жазган,
Билим алып кандидаттык жактаган.

Ата-Журтум баардык мактоо жарашат,
Башка өлкөлөр суктанышып карашат.
Жаратканым кут түшүрүп жериме,
Жылдан жылга өнүп-өсүп баратат.

## ЫР ЖАЗАМ ЖҮРӨГҮМҮН ТЕРЕҢИНЕН

Ырды жазам жүрөгүмдүн тереңинен,
Көөдөнүмдөн орун алган тизмегинен.
Байкабай убактымды уттуруптмун,
Баа жеткис ошол кезди эңсеп келем.

Ыр жазам ыр дүйнөнүн сересинен,
Жашоонун гүл жайнаган белесинен.
Мезгилин өткөрүпмүн жаштыгымдын,
Ал кезди эх!... өкүнүп эстей берем.





Ыр жазам улгайуунун ашуусунда,
Өткөн кездин жетпеген арзуусун да.
Өмүрүм өтүп барат кылчайбастан,
Ыр эшигин жазам деп ачканымда

## ЭСИҢДЕБИ?

Эсимде окуучулук күндөрүбүз,
Эс алып тоодо ойноп жүргөнүбүз.
Таш булакта жайнаган жоогазынды,
Жарышып кучак-кучак үзгөнүбүз.

Эсимде жарышып ат чапканыбыз,
Жеткирбей кубалашып качканыбыз.
Аттын оозун тартпастан белес ашып,
Эсимде ышкын терип кайтканыбыз.

Эсиңдеби чөптү чаап жүргөнүбүз,
Сонун тура андагы күндөрүбүз.
Чарчоо деген эмне экенин түшүнбөй,
Суу чачып, кубалашып күлгөнүбүз.

Мектепти биз эсимде бүтүргөнбүз
Ошондо ойгонгон го бал сүйүүбүз.
Унутпа, мен да сени унутпайм деп,
Уялып кызарган эле жүзүбүз.

Балалыгым, жаштыгым эсте калды,
Эстебеске ал күндү айла барбы.
Ошол өткөн окуучулук күндөрдү,
Жаратканга жалынсам кайтарабы.

## БАЛА ЖЫТЫ

Баланы багып бөпөлөп,
Тамакты берип төтөлөп.
Жан балам деп жыттасаң,
Көңүлдү көккө көтөрөт.

Күлкүсүн уксаң баланын,
Табылгыс эргүү аласың.
Садагам десең жалынып,
Кубаттуу болуп каласың.

Сүйлөсө тили бал таттуу,
Ойносо үйүң шап-шаңдуу.
Балалуу үйүң базардай,
Болосуң дайым бактылуу.

## АЯРЫМСЫҢ

Капа болсом сен менин аярымсың,
Мүдүрүлсөм мүрүмдөн таярымсың.
Жүрөгүмдү үшүткөн муздактыктан,
Мээрим берип жылытып алаарымсың.

Мээримиңе бөлөп мени жылытасың,
Кучагыңа бой салып жылынаарым.
Жылуулук жүрөгүмө жеткен кезде,
Гүлдөй жайнап кулпуруп ачыламын.

Кайда жүрсөм коргоочу тумарымсың,
Куса болсом муңайтпас мунарымсың.





Күн нурундай жылуулук тартуулаган,
Сен менин өбөк болгон таярымсың.

Өзгөлөрдөн башкача аярымсың...

## АТАҢ БАРДА БИЛГЕН ЖОКСУҢ

Атаң бар – дөөлөтүң бар үйүң жарык,
Энең бар – шам чырак турат жанып.
Атанын орду башка билип жүргүн,
Дайыма дуба кылат колун жайып.

Атаң барда – жүрөсүң көккө жетип,
Байкабай жүргөн белең келип-кетип.
«Кел уулум» – деп алдыңдан тосуп чыкса,
Жай гана койчу элең салам берип.

Аска тооң атаң болот билсең эгер,
Жол көрсөтүп дайыма багыт берээр.
Атаң жок куса болуп тургандырсың,
Арга жоктон улутунуп терең-терең.

## ЧӨГҮП ЖҮРДҮМ

Эч ким билбейт менде кандай сыр барын,
Жүрөгүмдө жашайт соонун ырларым.
Жөпжөнөкөй кыргызымдын кызымын,
Айткандар көп мен жөнүндө сындарын.

Ойлошот го мурда кайда жүргөн деп,
Кандай жашап кандай өмүр сүргөн деп.

Билишпеген менде талант бардыгын,
«Ушул дагы ыр жазалат бекен» – деп.

Ооба жазам Аллах берген талантпы,
Учам эми күүлөп сынган канатты.
Сынчылардын сынын четке чыгарам,
Жазам дастан түгөнбөгөн санатты.

Көл түбүнө түшүп кеткен акактай,
Чөгүп жүрдүм сүзүп жээкке чыгалбай.
Көл түбүнөн алып чыкты бир аккуу,
Тээ алыстан нурун чачып ак шамдай.

Ошол аккуу угуп менин үнүмдү,
Жарык кылды ай караңгы түнүмдү.
Эргүү берди сезимимди ойготуп,
Ачып берди ырга болгон сүйүүмдү.

Ырды сүйдүм ынтаа койдум ынандым,
Ырым менен сезимимди сугардым.
Буулуккан жүрөгүмө эргүү берген,
Акын кызга таазим кылып турамын.

## ТАППАЙ КАЛДЫМ ДАРЕГИҢ

Издеп сени таппай калдым дарегиң,
Жолуң карап талып бүттү карегим.
Жок дегенде саламыңды жолдоп кой,
Кусалыгым тарап турсун дегеним.

Санаа тартып сансыз ойго батамын,
Сагынычымды жүрөккө бек катамын.





Санааркатпай айтып койсоң дайныңды,
Сабырым жок эрктүү болбой жатамын.

Сагынуунун билген болсоң кадырын,
Дарегиңди билдирип кой акырын.
Жок дегенде билсем болду жашаган,
Айылыңдын алысын же жакынын.

Телефондон жазып койсоң «СМС»,
Унуттум деп таштап койчу мен эмес.
Бир кездеги жакын көргөн адамдан,
Жүрөгүмдө калды жаркын бир элес.

Жакшы көрдүм бир туугандык сезимде,
Тууганбыз деп айткан сөзүң эсимде.
Кандай мүшкүл тоскоол болду жашооңо,
Дарегиңди билдирбедиң эч кимге.

Кайда жүрсөң аман болгун ылайым,
Амандыгың жаратгандан сураймын.
Эстегенде бир кайрылып келээрсиң,
Намаз окуп бата кылып турайын.

## ТУУЛГАН КҮНҮҢ КУТ БОЛСУН УУЛУМ

*(Нурланга)*

Туулган күнүң өмүрүңдүн башаты,
Өмүрдү сүр жүзгө чыгып жашачы.
Өмүр жолуң түгөнбөсүн эч качан,
Өр таянып көп-көп кырды ашасың.

Ашуулары кээде бийик кээде пас,
Сыры көп кээде айтып кээде айткыс.
Сабыр кылып жолуңда туура бассаң,
Жараткан жашоо берет артка кайткыс.

Өмүрүңдүн өчпөй нуру жана берсин,
Өмүрлөшүң бала-чакаң баалай билсин.
Туулган күнүң кут болсун куттуктаймын,
Жашоонун төрт мезгилин көрө бергин.

## ИЗДЕЙ БЕРЕМ

Ак сүйүүнү катып мен жүрөгүмө,
Ашыгымды күтөмүн ар бир күндө.
Менмин деп келсе боло бул жашоодо,
Сагынтып түшкө кирбей айлуу түндө.

Түштө да көрөмүн гүл арасында,
Жашыл майса сүйүүнүн талаасында.
Эми гана жеткенде колду сунуп,
Ойгонуп издеп таппай каламын да.

Издеп таппайм ашыктар аралынан,
«Вулкан» болгон сүйүүнүн жанарынан.
Түштө көргөн боз атчан бекзааданы,
Издеп келем чын жашоо базарынан.





## АК СҮТҮН БЕРГЕН АПАКЕМ

Ичиңе түйүлдүк болуп байландым,
Тогуз айда тун кызыңа айландым.
Мезгил жетип келдим жарык дүйнөгө,
Үй жаңыртып мен келдим деп ыйладым.

Апам мага ууз сүт берип эмизген,
Мүчөлөрү коргошундай эриген.
Эмген сүтүм элжиретип дүйнөмдү,
Алгач мени «апа» – деп тилге киргизген.

Апакем ак сүтүң бердиң торолттуң,
Кызыңа мээримиң төктүң чоңойттуң.
Күн-түн дебей уйку көрбөй чарчабай,
Жамандыктан канат жайып коргодуң.

Толгоо тартып толгообузга чыдадың,
Ошондо да кабагыңды чытпадың.
Миң толгонуп жаның үрөп жалбарып,
Чарк айланып жаныбыздан чыкпадың.

Апам менин жүрөгүмдө сакталат,
Кандай кылсам ак сүтүңүз акталат.
Бүт ааламды кыдырсам да табылбас,
Бала үчүн жанын берген аял зат.

## УНУТПАДЫМ

Унутпадым оттой жанган көздөрүңдү,
Чын дилиңден аяр айткан сөздөрүңдү.
Жал-жал карап сезимиңди айталбай,
Сезгемин жандай көрүп аярыңды.

Ооба менмин арзуу кылган жанарың,
Анык болчу мени сүйүп калаарың.
Тагдыр башка, сүйүү башка турбайбы,
Бул жашоодо чындап болдум аярың.

Өбөк болуп дайым мени таядың,
Улутунуп кусалуудай карадың.
Ошондогу сыр жашырган көзүңдүн,
Оттой жанбай сумсайганын аядым.

Унутпаймын, унуталбайм эч качан,
Арнап сага «аярым» – деп ыр жазам.
Кандай сонун обон жазса обончу,
Обон созуп сен жөнүндө ырдасам.

## САЛАМ КӨЛҮМ САГЫНДЫМ

Салам көлүм келдим сага сагынып,
Жарашыктуу ак көйнөк кийип алып.
Сууну кечип турам сага эркелеп,
Кусалык илебине күйүп жанып.

Күн нуруна чагылышып жаркырап,
Жан дүйнөмө аруулукту тартуулап.





Кереметтүү көлүм сенин койнуңда,
Көптөн бери жашагансыйм байырлап.

Кандай сонун кереметтүү шоокумуң,
Тыңшап турам канып канбай моокумум.
Толкунуңдун ыргагына термелсем,
Эшитилет коңур күүсү комуздун.

## ӨМҮР ӨТӨТ ЧАЙПАЛЫП

Өмүр өтөт өйдө-төмөн чайпалып,
Карыганың, алсыздыгың байкалып.
Чиркин өмүр чимирилип тез эле,
Өтүп барса ишенбеймин таң калып.

Кечээ эле бүтпөчүүдөй күндөрүм,
Күйүп-жанып жаштык доорун сүргөмүн.
Карбаластап кайра артка карабай,
Ойноп күлүп мен шапар тээп жүргөмүн.

Жаштык кездин жайнап турган учурун,
Жап-жаш бойдон өзгөрүлбөйт дечүмүн.
Карылык да мени тооруп калганда,
Таппай калдым ошол жаштык учкунун.

Карылыктын доорун сүрүп жатамын,
Кеткен күндүн санаасына батамын.
Кантип эле тез картайып калдым деп,
Жаш кезектин санжырасын ачамын.

Карап көрсөм курч мезгилим жаштыгым,
Өтөөр кезди ойлобогон мастыгым.

Мезгил келип алдан күчтөн тайганда,
Бул жашоонун сездим өтө аздыгын.

Өмүр шамы күндөн-күнгө бүлбүлдөп,
Алсыз болуп баратkансыйт үлбүрөп.
Өмүрүмдүн саат жебеси токтосо,
Аттиң чиркин жашоо күнүм да бүтөт.

Бул турмушта кандай жашоо өткөрдүм,
Жакшыны да жаманды да көп көрдүм.
Кээ бир кезде макул болуп тагдырга,
Кай бирине көңүл бурбай жөн койдум.

Мына ошентип өмүр өттү термелип,
Турган кезим картайууга жол берип.
Жаш өйдөлөп бара берсе кыр ашып,
Калаармын деп өтүмүшкө кез келип.

Өмүр жашым баратkансыйт кертилип,
Жолу бүтүп күүгүм тартып кеч кирип.
Эх жаштыгым арчадай болуп сезилчүү,
Адам деле калат тура эскирип.

## ҮЙДҮН КУТУ БОЛОТ КАРЫЛАР

Үйдүн куту, бак дөөлөтү кары болот билип жүр,
Акыл насаат сөз айтса көңүл коюп угуп тур.
Жан дүйнөңдү байыткан азык болот түгөнгүс,
Айткан сөзүн аздектеп көңүлүңө түйүп жүр.

Кары отурса төрүңдө тоту куштай таптагын,
Адашып ар кыл сөз айтса адебиңди сактагын.





Айланып келет бул тагдыр сага дагы биле жүр,
Жүрөгүнө оор келген жаман сөздү айтпагын.

Кадырлап баксаң карыны кароол болот үйүңө,
Сыр сандык болуп ар дайым чогултат сага дүнүйө.
Көңүл кушун көтөрүп сыйлап турсаң аздектеп,
Ыраазы болуп ар дайым батасын берет сүйүнө.

## ЫРААЗЫ БОЛОТ БЕЛЕК БИЗ

Аттиң арман кана оору болбосо,
Кайгы муңдар көөдөнүңө толбосо.
Күчтүү болуп улгайганда дайыма,
Кана эле кайран өмүр соолбосо.

Ажал аңдып жолуңдан тоорубаса,
Жан дүйнөң жанчылып оорубаса.
Көктөгү эркин учкан куштай болуп,
Адам зат түбөлүккө соолубаса.

Өмүр шамы өчпөсө жанып турса,
Жашооңо кумарың канып турса.
Ошол шамды өчүрбөй түбөлүккө,
Өмүргө өмүр улап кошуп турса.

Ошондо шаң-күлкүдө,
Жашайт белек...

## ЫР ТӨГҮЛӨТ КӨӨДӨНДӨН

Ыр төгүлөт көөдөндөн ыр төгүлөт,
Эргүүлөр токтобой куят көрүнөт.
Чыбык аттай минейин калем сапты,
Чымыркана ыр жазайын көңүлгө төп.

Ыр жазайын жүрөктөн түнөк тапкан,
Сезимдерди серпилтип бүлүк салган.
Сүйүү отун жандырчуу кыз-жигиттин,
Жүрөгүнөн агылып орун алган.

Ырдын кенин чарчабай каза берем,
Ыр төгүлсө көөдөндөн жаза берем.
Ырга болгон ышкымды токтотпостон,
Ылаачындай канатымы күүлөй берем...

## КЫРГЫЗ ТИЛИ

Сүйлөсүн деп тилди берди жараткан,
Ар тараптан байкоо салып карасам.
Эң биринчи жарыкка келген наристе,
Сөз учугун «апа» деп сүйлөп баштаган.

Эне тилим, кыргыз тилин сүйлөткөн,
Тамгаларды окуганды үйрөткөн.
Билим берип ай ааламга жеткирип,
Менин тилим кош канатты күүлөткөн.

Канат күүлөп жетем баардык бийикке,
Кайда жүрсөм сүйлөйм кыргыз тилимде.





Эне тилим кастарланып бааланып,
Башка улуттар сүйлөйт кыргыз тилинде.

## СҮЙЛӨЙТ ТИЛИМ

Кээде тилим ачуу таттуу сүйлөйсүң,
Жакшы сүйлөп бийиктерге сүрөйсүң.
Кыргыз тилин бүт ааламга таанытып,
Бурмалабай сүйлөгөнгө үндөйсүң.

Кээде калсам ачуу сүйлөп бакылдап,
Оңдоп калам жаман жагым такылдап.
Бузулбасын кыргыз тилим наркынан,
Канча кылым өтсө дагы закымдап.

Кээде ачуу ыйлатасың күйдүрүп,
Көп нерсени коёт тилим бүлдүрүп.
Жарык чачып күн нурундай жарк этип,
Бир заматта калса жүрөк сүйдүрүп.

## ЭЛИҢ БААЛАЙТ

Желбиретти кыргызымдын желегин,
Жаратканым берип кыргыз тилегин.
Оттой жанып чагылгандай жарк этип,
Басып өттү казактын алган белегин.

Ат жалында желдей учкан чабандес,
Атандаштын соккусуна кебелбес.
Ар намысын сактап кыргыз журтунун,
Тарыхта калды эр жигиттен бир элес.

Башты көтөр түшүрбөстөн «духуңду»,
Жеңиш сенде кетирбегин пуртуңду.
Кечиримди сурап жатат эл журту,
Кыргыз элиң баалайт кайтпас күчүңдү.

**АЗАТТЫКТЫН ТАҢЫ АТЫП**

Өткөөл кездин көрүп ачуу-таттуусун,
Таш адырдын ашып нечен деген ашуусун.
Кыргызымдын унутулгус тарыхын,
Өчпөс кылып чеккен ташка жазуусун.

Ошол жазуу санжырада сакталып,
Канча жылдар, изилденди такталып.
Кыргызымдын майтарылбас эрдиги,
Эл жерине эркиндикти кайтарып.

Эркиндик деп канча азап тартышкан,
Бөтөн элге баш паана издеп барышкан.
Падышанын бийлиги күчөп турганда,
Аргасыздан жерин таштап качышкан.

Узак жолго коркпой сапар тартышкан,
Кендир кескен жокчулукта калышкан.
Каргашалуу туман каптап жолдорун,
Каракчылар капыстан кол салышкан.

Мына ошол кыйын күндөр артта калды,
Мекениме азаттыктын атты таңы.
Эркиндиктин туусун бийик көтөрүп,
Кара Кыргыз автоном наамын алды.
Кайратынан кайтпаган Кыргыз элдин,
Кылымдарга тарыхта аты калды.





**ТООБОБУЗГА ЖАНАЛЫ**

Тообо кылып Аллага, тообобузга жаналы,
Намаз окуп беш убак, динибизге кайталы.
Капа кылып аалымдарга сын айтып,
Акыретке барганда, тозок отко жанбайлы.

Жергебизди апаат каптап дембе-дем,
Агып жатат эне-бала, үйү жайы сел менен.
Адам затын өзгөрүлүп, көз карашы пейили,
Дини-дили бөлүнүп, калган эчак келмеден.

Апаат келсе элибиз, жан кудаайы кылчу эле,
Куран окуп аалымдар, дуба кылып турчу эле.
Келе турган кырсыктын, алдын алып билчү эле.
Жан-жаныбар акына, садака берип койчу эле.

Ата-баба улуктар, шарият жолун айтчы эле,
Ынтаа коюп эл журту, муюп абдан укчу эле.
Айтылган сөздүн, маанисин, үйрөнүшүп кадырлап.
Жүрөгүнө мыйзамдай, бекем тутчу эл эле.

Каада салтка эмнеге, тыйуу салды «ширик» деп,
Жаралганда адамат, динди берген ыйык деп.
Ыйыктыгын билишпей, барктап баалап алалбай,
Дин жөнүндө бүтпөгөн, айтылып жүрөт түрдү кеп.

Азыркы заман чындыгы, диндин деле түрү көп,
Өткөн доордо бир эле, динди билчү жан элек.
Шарияттын тазасы, салтыбызга төп келген,
Ислам динин жүрөккө, сактап алып жүрчү элек.

## КАРА КӨЗҮМ ДЕЧҮ ЭЛЕҢ

«Кара көзүм» дечү элең, эй «кара көзүм»,
Кайда кетти ал кездеги айткан сөзүң.
Карыктырдың карегими жол каратып,
Кабарыңды билдирип кой барам өзүм.

Кеттиң кайда жоксуң го кайып болуп,
Көпөлөктөй жүрөсүңбү учуп конуп.
Көөдөн толоо эргүүңө ээ боло албай,
Калдыңбы же үзүлгөн гүлдөй соолуп.

Кара көзгө «хурусталь» чөгөрүлгөн,
Акак тунук ашык элең делөөрүгөн.
Дайыныңы таптырбай кетсең деле,
«Кара көздүн» кадыры көтөрүлгөн.

«Кара көз» деп ат койдуң аздектеген,
Арсыз беле ак сүйүүң мага деген.
Өтөт өмүр күтпөстүр келээриңди,
Аттиң кылып эстейсиң арман менен.

## КАРГАШАЛУУ КАРА БУЛУТ

Кара булут каптады айлананы,
Ажалды жаанга кошуп айдаганбы.
Бейкапар келе жаткан бир бүлө,
Капилет суу түбүнөн жайын тапты.

Оо жараткан !... сыноонду токтотсоңчу,
Бейкүнөө пенделерди боздотпочу.





Жүрөгүнө «хидаят» ишеним бер,
Өзүң күбө сен бизди колдосоңчу.

Кайран эне кан жутуп сойлоп калды,
Кантмек эле каргашага айла барбы.
Аттиң ай! баарынын атын атап,
Ботосунан ажырап боздоп жатты.

Ата-энеси, эли журту аза күттү,
Баарынын башына кайгы түштү.
Жетим-Дөбө элине кайрат берсин,
Жараткандан тилеймин жакшы күндү.

Өткөндөргө бейиштен орун берсин,
Кабырына бейиштин нуру кирсин.
Кошо кеткен наристелер кушка окшоп,
Кабырынын үстүндө сайрап турсун.

Жалгыз боорун жамандыктан калкалап,
Жакындатпай жолун тосуп коргосун.

## ЖАЛГЫЗЫМДАН КАЛГАН ТУЯК

Жалгыздан жалгыз туяк калат тура,
Турмушта баардык нерсе болот тура.
Атамдын мурас кылаар уулу да жок,
Кыз баланы сыздатып коёт тура.

Атакемдин өрүк зар багы болгон,
Шагына учуп келип куштар конгон.
Ошолордой чурулдап кыз болсок да,
Куушуп ойноп күлкүгө бакча толгон.

Арман ай ата жайда үйүм болсо,
Бекутайым тууруна кайра консо.
Арманым болбойт эле бул жашоодо,
Атасынын эшигин ачып койсо.

Ата жайын жаш элек жоготтукпу,
Сатам десе макул болуп биз койдукпу.
Кийин деле келээр жериң сенин деп,
Бир дагы тууган акыл болбодкупу.

Кимге айтат, болбосо жан күйөөрүм,
Күйүттөн ооруп турат эх жүрөгүм.
Орду толгус үйүбүздүн ордунда,
Башка турат башка бөлөк бирөөнүн.

Кайда барсаң тегиңди сурайт экен,
Атанын туугандары кымбат экен.
Жаш убакта барк албай жүргөн менен,
Улгайганда жээк жаатың сындайт экен...

## БҮТПӨЙ КАЛГАН АРЗУУЛАР

Уул-кызды бактык бөпөлөп,
Мээрим бердик экөөлөп.
Жашоодо. жолдун баардыгын,
Тааныттык колдон жетелеп.

Балдардын баары бактылуу,
Келиндерим эң сындуу.
Түбөлүк бирге жүрсө экен,
Кош данектей айтылуу.





Арабаны бир тарттык,
Кырк алты жыл жашадык.
Максатыбыз көп эле,
Тилекке жете албадык.

Жетпесек уул-кыз жетсин,
Ата жолун улап кетсин.
Тууганды жерге каратпай,
Ата сөзүн актай берсин...

## ЭЖЕМИН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ

Март айы майрамдардын башаты,
Байчечекей баш көтөрдү карачы.
Эжеке туулган күнүң кут болсун,
Эч картайбай жүзгө чыгып жашачы.

Жаным эжем өздүк майрам кут болсун,
Кучагыңа белек кылган гүл толсун.
Уул-кызыңдын урмат сыйын көрө бер,
Багыбызга аман-эсен бар болгун.

Жездем экөөң төрдүн көркү болгула,
Жетелешип токсон жашка толгула.
Бактылуу карылыктын доорун сүрүп,
Жүз жаштын эшигин ачып койгула.

## ТУУГАНДАР МЕНЕН ТАБЫШТЫК

Туугандарым кучак жайып тосуп алды,
Кубангандан эмне дешти билбей калды.
Мурдатан таанып билип жүрбөсөк да,
Жүрөгүмдөн жылуулук өтүп жатты.

Сагынычтуу көз жашты тыя албай,
Кусалыкты эч айтып бүтө албай.
Кандай соонун эч бүтпөс жолугушуу,
Кыйналдык ушул күнгө жете албай.

Жеттик мына эңсеген ушул күнгө,
Жакшылыкта бололу дайым бирге.
Сырдашып туугандарча олтуралы,
Жолугушуу жасалган ушул үйдө.

Таанып билдик баарынын атын сурап,
Нуралы, Шералы деп колун сунат.
Акбарали агабыз көз жумду деп,
Кайгы тартып муңайып өксүп турат.

Эч кайгырба өткөн болсо муңайып,
Куран окуп дуба кылып туралык.
Орун берсин жаратканым бейиштен,
Калгандарга сабыр берсин кудайым.

Алып барды жаратылыш койнуна,
Шар аккан дарыя суунун боюна.
Обон созуп ага-ини жарышып,
Ырдап берип черди жазып койду да.





Көңүл ачып оюн күлкү куралы,
Сезимдерге эргүү берип туралы.
Кана тууган музыканы жаңыртчы,
Ырдасын Нурали менен Шерали.

Кызмат кылып сыр беришпейт келиндер,
Күлө карап кымыз сунат жеңелер.
Оо жараткан!... көз тийбесин эч качан,
Ушул бойдон бузулбасын пейилдер.

Сыйыңар түбөлүккө бекем болсун,
Ынтымактын бузулбаган чебин койсун.
Бир туугандай сый-урматта жүрөлү,
Сагынуунун акыркы чеги болсун.

## ТУГАНДАРГА КУСА БОЛУП

Сагынычтан туугандарга куса болуп,
Жалгыздыктан жүрөгүнө ыза толуп.
Өз журтуна кайтышка жолу болбой,
Жүргөн тура ичинен сыздап ооруп.

Жаш элек турмуш жолун түшүнбөгөн,
Бул жашоонун оор-жеңилин көрбөгөн.
Мезгилдин агымына жетеленип,
Мейли-деп ээрчип алып кете берген.

Ал күндөрдүн баардыгы артта калды,
Турмуш бизди тарбиялап жолго салды.
Сиз жетпеген арзууларга жеттим мына,
Эми мага мындан артык жашоо барбы.

Ыраазымын жаратканга миң мертебе,
Арзуу кылган ушул күнгө жеткиргенге.
Уул баладай кайратуу күчтүү кылып,
Эжемди жөлөк кылып бергенине.

Эжеке жол көрсөттүң сен өзүмө,
Кыз болсоң да турдуң айткан сөзүңө.
Алып бардың туугандарга жетелеп,
Кубандырып мен улгайган кезимде.

## ТАПТЫМ АТА ТУУГАНДАРДЫ

Атакемин туулуп өскөн айылына,
Ат арытып айылчылап бардым мына.
Баардыгы көзүмө кооз көрүнөт,
Жапжашыл өсүп турган арчасы да.

Атакебай таптым мына тууганыңды,
Сездиң бекен кубанып турганымды.
Туугандар кучак жайып тосуп алды,
Толкундап көз жаш төгүп турбадымбы.

Кубанып кадам шилтеп баса албай,
Кубандым көз жашымды тыя албай.
Атакебай баркын билдим туугандардын,
Арманымды турам айтып бүтө албай.

Ата-журтка ата неге кайтпадыңыз,
Арманды ичке сактап айтпадыңыз.
Адашып издеп таппай сиз калгыдай,
Алыс эмес жакын тура Ой-Талыңыз.





Ушундай кыйын беле кайтышыңыз?
Керек беле ой-санаа тартышыңыз.
Бизге деле «тууганым бар балам» – деп,
Чечилбес сыр болдубу айтышыңыз?

Ички сырын айтпастан өтүп кетти,
Жүрөк сыздап бир өмүр азап чекти.
Атаке жан дүйнөңдү жабыркаткан,
Айтпай турган эмнеге сырдуу кеппи?

Урпак улаар белдүү уул бар болгондо,
Жараткан аны албай тек койгондо.
Барбайт беле туугандан кабар алып,
Бир өмүр өксүк кылып койбогондо.

## ТАРТУУЛАП ЖАЗ СУЛУУЛУК

Жаз келип куштар сайраса,
Трактор жерди айдаса.
Дыйкандар сееп үрөндү,
Кырманда эгин жайнаса.

Бүркөлүп булут сөгүлсө,
Ак жамгыр жаап төгүлсө.
Жайкалып эгин талаада,
Деңиздей толкуп көрүнсө.

Күн берип жерге жылуулук,
Гүл чыгат жерден суурулуп.
Жаз айы кандай керемет,
Тартуулап турат сулуулук.

## ЖАШООНУН БҮТПӨЙТ ЭРТЕҢИ

Жашообуздун бүтпөй келет эртеңи,
Таң атканда кайталанат кечээги.
Жаратканым адам затка ушундай,
Жашоо берди түгөнбөгөн эртеңди.

Тагдырдын тартып түмөн түйшүгүн,
Өчөшкөнсүп бүтпөйт тура мүшкүлүң.
Убакыт тар өтөт кетет заматта,
Эртеңкиге калат бүтпөс көп ишиң.

Аманатпыз бир жолуга жаралган,
Өмүр, жашоо бирге болуп уланган.
Эртеңи бүтпөс ал өмүр го жашоодо,
Өмүр өтмөк улуу жолдон куралган.

Күн да, ай да жарык кылса жер бетин,
Өмүр күтүп турат беле эртеңин.
Ар бир таңды биз берген жараткан,
Көрүнсүн деп эртеңкинин келишин.

## КӨК ЧЫККАН ЖАЗЫМ

Көк чыккан жаз апрелде башталат,
Чырыш чыкса, сымалактар башбагат.
Көк чөп терип самса жасап энелер,
Бул тамактын дарылыгы баркталат.

Кымыздыгы ышкыны да ыргалат,
Терип жесең даамы сонун тамшантат.





Жашыл шибер жайкалганын карачы,
Жан дүйнөңө эргүү берип каратат.

Көркко бөлөп көкмөк жумшак тулаңы.
Көз кайкыткан көктөм жаздын убагы,
Тоо таштар да жашыл түскө боёлуп,
Жаз көктөмдүн айтса бүтпөс баяны.

## МЕКЕНИМ ҮЧҮН

Мекеним деп согот жүрөк ар дайым,
Мекен үчүн көөнөрбөс ыр жазайын.
Көкөлөтүп көтөрөйүн баркыңды,
Көрктөнө бер кулпура бер күн сайын.

Көркөмдүүсүң жаратылыш жагынан,
Мөлтүр кашка суулар агат койнуңдан.
Арча кайың карагайлуу токоюң,
Татынакай көркөм сулуу баарынан.

Куштар сайрайт кереметтүү үн салат,
Кучагыңда түркүн түстүү гүл жайнайт.
Мекенимдин коздугуна суктанып,
Көргөн жанга сулуулугу айкындайт.

## МЕКЕНИМ МЕНИН ӨЗГӨЧӨ

Мекеним мейкин талаа өскөн жерим,
Өзүңө мээнет кылып төксөм терим.
Жерди казып түпкүргө сүңгүп барып,
Алтын -күмүш кендерин ачсам деймин.

Мекениме талбай эмгек кылсам деймин,
Өсүүгө салым кошуп турсам деймин.
Бийик-бийик көк тиреген үйлөрдү,
Белсенип мекениме курсам деймин.

Мекениме кызмат кылып турайын,
Ырларымды белек кылып сунайын.
Жүрөгүмө эргүү келип турганда,
Обон чыксын жашы ырдан жазайын.

## КЕЛГИЛЕ ДОСТОР

Эске салып өткөн жаштык баянын,
Келди бүгүн элүү жылдык майрамым.
Келгиле достор, классташтар, курбулар,
Жолугушууга барууга мен даярмын.

Аттиң жоопту ала албадым эч кимден,
Калбаган окшойт адатыбыз эскирген.
Ошол жаштык, ошол соонун бир күндү,
Неге болбойт бирге олтуруп эстесек.

## ӨМҮРДҮН ӨРГҮҮ ЖОЛУНДА

Өмүрдүн бастың далай кырларында,
Өрнөктүү из калтырдың урпактарга.
Өзүң болдуң спорттун күйөрманы,
Жетиң мына жемиштүү сый урматка.

Эки чылбыр бир тизгинди колго алып,
Эл кызматын, спортту бир башкарып.





Талыкпаган эмгегиңдин үзүрү,
Мына бүгүн элде турат бааланып.

Кажыбаган кайраттуу намыс менен,
Алга карай кадамын таштап келген.
Ар кандай опурталдуу кызмат болсо,
Тайманбай өз маалында бүтө билген.

Футбол тээп болдуң спорт фанаты,
Бул да болсо эр жигиттин таланты.
Мелдештин утуп дайым байгелерин,
Мекенге урматтуу уул боло алды.

Жарышып калбай эч бир мезгилден,
Улгайып өтүптүрсүң элүүлөрдөн.
Улуулугун өмүрдүн баалап бүгүн,
Узатышат эс алуу өргүүсүнөн.

## БААРЫНА КАНААТ КЫЛАМ

Өмүрдөн кош айтышып кеткендерге,
Сөз таппай мукактанам эмне дешке.
Катарыбыз суюлуп калды мына,
Канаат кылам тоодой болгон эжекеме.

Улуу эжем өткөн өзүң билесиң,
Көрүп турам илип алгам сүрөтүн.
Анткени ал окшоштугу жагынан,
Берип турчуу атакемдин элесин.

Тилеп алган сурап алган инибиз,
Окшоп турчуу жарык чачкан күнүбүз.

Айттырбай алып кеткен ажалдан,
Арачалап калабадык бирибиз.

Айта берсем армандарым арылбайт,
Асылдарым эми артка кайрылбайт.
Мен канчалык кайрат кылып турсам да,
Жүрөктөгү күйүт оту басылбайт.

Тообо кылып, сабыр кылып жүрөлү,
Тойлор болсун кабак чытпай күлөлү.
Эжекем ай, бир бооруңду кечирчи,
Билбей калып болсом эгер күнөлүү.

Ар дайым жакшылыкта бирге болуп,
Кубанычтан көздөрүбүз жашка толуп.
Жамандыктын баардыгын артка таштап,
Жүрөлү эже бирге жөлөк болуп.

Өмүрүңдү узун кылсын кудайым,
Оорубачы узак жаша ылаайым.
Төрдүн көркү үйдүн куту өзүңсүн,
Мен өзүңө шерик болуп турайын.

## ЖҮРӨЛҮЧҮ АМАН ЭСЕН

Бул жашоодо жүрөлүчү аман-эсен,
Сөз жетпейт силер үчүн эмне десем.
Бактылуу карылыктын доорун сүрүп,
Бирге өмүр сүргүлөчү канча десем.

Оо жараткан!... ден-соолук бер оорубаган,
Өмүр берчи гүлдөй болуп соолубаган.





Гүл аралап ээрчишип жүрө берсин,
Жашоо бергин жамандык торубаган.

Бар бол эжем бир боорум уялашым,
Оорусаң санаа тартып кыйналамын.
Дартыңа дабаа берсин жаратканым,
Сен күлсөң мен да күлүп жылмаямын.

Сен менин жашоомдогу бир үмүтүм,
Сени ойлоп санаа тартам күнү-түн.
Жашап турчу жалгыздатпай сен мени,
Каалабаймын жан дүйнөмдүн күйүшүн.

Оо эжекем!.. менин кымбат белегим,
Жүрөгүңдөн мээрим төгүп келесиң.
«Кел боорум» - деп кучак жайып жылмайсаң,
Апакеме окшойт сенин элесиң

## БАРИНУСАГА ГҮЛ ДЕСТЕ

*(Баринуса Набиевага)*

Ыр жазыпсың кынагандай кышты коюп,
Жүрөгүңө жалындаган эргүү толуп.
Умтула бер жеткин тээ бийиктикке,
Таланты ташкындаган акын болуп.

Оттой жанган жаштыгың өткөн менен,
Өнөрүңдү чыгара албай жүргөн белең?
Көөдөнүңө толуп ташкан ырларыңды,
Жаза бер токтотпостон кенен-кенен.

Ырларыңды жаза бергин токтотпо,
Болду го деп токтоор жерди болжобо.
Көөдөнүңө эргүү келип турганда,
Көөнөрбөгөн ыр жараткын октоло.

Ык куржундун оозун ачып бошоткун,
Ыр жолунан ашып сенден озот ким.
Артта калба, жүргүн дайым алдыда,
Чабалдары жетпей сага болот тим.

Ырыңды окуп маанисине токтолсом,
Улуу акын Нина эжеге окшотом.
Жолун улап курч ырларды жаза бер,
Ырчы ырдап обон созуп коштогон.

Кубандым ыр майданга келишиңе,
Тилектешмин максатыңа жетишиңе.
Ырды жазып калемиң курчуй берсин,
Мындан ары жолду улап кетишиңе.

Бар бол курбум эмгектин үзүрүн көр,
Ыр бакча болсун, болсун куттуу төр.
Бала көркү, үйдүн куту өзүңсүң,
Уул-кыздардын урмат сыйын көрө бер.





## КЕЛДИ МЫНА ЖОЛУГУШЧУ КҮНДӨРҮМ

Жол баштайын жолугушчу күндөрүмө,
Эмне жетсин туугандарды көргөнүмө
Сырдашып сыйлашалы мындан ары,
Сыйыбыз бекем болсун түбөлүккө.

Мен бүгүн кубангандан толуп ташып,
Жолугууну күтүп жатам абдан шашып.
Анткени туугандарым келе жатат,
Алдынан тосуп чыгам кучак жайып.

Кош келдиңер төрдөн орун алгылачы,
Кубанчыма ортоктош болгулачы.
Көңүл кушун көтөрүп оболотуп,
Күлкүнүн шаңына бир толгулачы.

Кандайсыңар асылым туугандарым,
Кыйын кезде өбөк болуп тургандарым.
Карайлап жол табалбай турганымда,
Жарык кылып үмүт шамын сунгандарым.

Аткарылып көп күткөн арзууларым,
Айткыла эмне керек мага дагын.
Келгиле черди жазып отуралы,
Маанайыңар жакшыбы баарыңардын.

Оо жараткан!... бактылуумун эми мен,
Туугандарга коштуң бүгүн мени сен.
Даам татып жолугушуп олтурабыз,
Ырыс толгон бир дастаркон четинен.

## ТУУГАН ИЗДЕП БАРА АЛБАДЫМ

Тууган издеп Алай-Кууга барбадым
Барганга шылтоо издеп таба албадым.
Ата-тегин айтууга атакемди,
Же ажалдан арачалап калбадым

Жаш элем турмуш жолун түшүнбөгөн,
Башыма сыноо келди күтүлбөгөн.
Турмуш жолун жаңы эле басканымда,
Атакем өтүп кетти бул дүйнөдөн.

Анан кантип тапмакмын тууганымды,
Ким сезмек менин сыздап турганымды.
Таржымалын тактабай туугандардын,
Эми сездим өкүттө калганымды.

Тагдырдын тардыгында жашап келдим,
Туугандарга каттабай азап чектим.
Исламдын туура жолун тандап алып,
Тагдырдын сыноолорун жеңип өттүм.

Ооба тагдыр, өйдө-төмөн калчадың,
Сабыр кылып баардыгына чыдадым.
Жеңип өттүп тоскоолдуктун баарынан,
Максатымдын өтөсүнөн чыга алдым.

Жараткан ак жол берди аябастан,
Тагдырдын тоскоолуна карабастан.
Ыраазымын кудайым чексиз-чексиз,
Жол улап туугандарга бара жатам.





## ООРУБА БАЛАМ

Өмүрүң тилейм аллахтан,
Өзүңө келчи жан балам.
Өмүрдүн көрүп үзүрүн,
Ооруба балам эч качан.

Аллахым берди сыноону,
Эч кимге койбойм күнөөнү.
Жакшылык болоор артынан,
Жеңип чыккан ооруну.

Күч кубат берсин кудайым,
Күчтүү болгун ылайым.
Айыгып келчи жан балам,
Алладан өмүр сурайын.

## АБЫСЫНДАРЫМА

Абысындар кандайсыңар барсыңарбы?
Жыты аңкыган гүл сыяктуу жансыңарбы?
Мээрим берип бала-чака жарыңарга,
Бактыңарды кайын журттан таптыңарбы?

Баарыңарга бакыт тилейм жашооңорго,
Чыдадыңар тагдыр берген сыноолорго.
Эмгектердин үзүрүн да көрүп эми,
Бак даарыган ата-эне болдуңар го.

Балдардын да бактысына балкып турган,
Алар үчүн кыласыңар жанды курман.

Чоң-ата, чоң-эне, таене небереге,
Балпайып мээрим чачып төрдө олтурган.

Абысындар мен үчүн да кымбатсыңар,
Анча-мынча кеп сөздөргө сынбайсыңар.
Кечиргиле туура эмес сүйлөп койсом,
Мени да жамандыкка кыйбайсыңар.

Шашып турам силер жакка жөнөгөндө,
Толкунданам карааныңар көрүнгөндө.
Абысындар кадырыңар өтө бийик,
Азык бардай ар бир айткан сөзүңөрдө.

Тагдыр мага сыноону берди өзгөчө,
Бара албадым «касса» болуп өтсө да.
Мезгил келээр мага дагы бир кезде,
Тагдыр мени чоң ташка байлап кетсе да.

Тагдыр мага кош-коштоп сыноо берсе да,
Абысындар кошулам бир күн катарга.
Жараткан берсе жакшылыгын аябай,
Күндөр келээр маареке тойго басаарга.

* * *

Жаратkandан баардык нерсе сураймын
Кабыл кылып баарын берсин ылайым.
Шыпаа берип балам келсе айыгып,
Мен ошого тообо кылып турайын.

Күн чыкканда гүл да чыгаар ачылып,
Күйүт дагы калаар бир күн басылып.





Көңүлүмдүн сезимдерин көтөргөн,
Жакшы күндөр келээр айтпай жашынып.

Ооба келээр ошол күндөр агылып,
Үмүт шамы жүрөгүмө жагылып.
Үлпөт тойлор болот куда кааласа,
Үйүбүздө ыр күлкүлөр жаңырып.

## МЕНИН АПАМ

*(неберемдин тилеги)*

Апам менин, асыл апам ардагым,
Өзүңүзгө баардык нерсе арнаймын.
Бактым үчүн бешенемде бар болуң,
Мен сиз үчүн баардыгына даярмын.

Апакем ай, сиз бар үчүн кубанам,
Мен сиз үчүн баардык шартка тура алам.
Бул жашоодо узак өмүр берсе экен,
Жаратkandан мен ушуну суранам.

Апакебай берген сүтүң актаймын,
Акыл айтсаң жүрөгүмө сактаймын.
Ишен апа чоң окууну бүтүрсөм,
Өмүр бою жан дилимден барктаймын.

Апакемин мээримине бөлөнөм,
Ала-Тоодой баркын бийик көтөрөм.
Айланчыктап калсам жолдон адашып,
Акыл сурап апакеме жөлөнөм.

## ӨМҮР БУЛАК

Өмүр булак тунук суу шылдыраган,
Өмүр булак токтобой агып жаткан.
Жашоонун ысык-суугун камтып алып,
Тынымы жок кылымга жол улаган.

Өмүр булак жашоого азык берген,
Жүрөктөргө кан болуп агып кирген.
Тирүүлүктүн ырахатын бизге берип,
Жашоого күн нурундай жарык берген.

Өмүр булак ичсең суусун кандырат,
Кызыктырып көз отуңду жандырат.
Ичкен сайын ичкиңди эле келтирет,
Суусуз чөлдө калган өңдүү алсырап.

Жаратылыш кандай сонун керемет,
Жан дүйнөңө башка сезим келтирет.
Жар боорунан агып жаткан булакты,
Жаратканым берген бизге энчилеп.

Акындар мөл-булак деп ырга кошкон,
Ырчылар ырдап бийик обон созгон.
Дарыгер өмүрдү кошуп булакка,
Аздектеп «шыпаакана» атын койгон.

Өмүр улап жардам берсе дарыгер,
Шыпааны таап кайрылышты канча эл.
Шыпаакана аты айтып тургандай,
Өмүргө биз болбойлучу кайдыгер.





## СУТАНДЫРГАН КЫРМЫЗЫ ГҮЛ

Кырмызы гүл өскөн биздин талаага,
Кары жашы көрбөй калса арман да.
Көрүнүшү ажайып кооз көрүнөт,
Неберелер гүл аралап баратса.

Табигаттын сулуулугун карасаң,
Кырмызы гүл ушунчалык жарашкан.
Өйдө-төмөн өтүп жаткан жүргүнчү,
Өтүп кетпей суктанышып карашкан.

Гүл оронуп талаа жатат мелтиреп,
Жыпар жыты кандай сонун керемет.
Ушунчалык эргүү алдым өзүмө,
Обон созуп ырдагымды келтирет.

Гүл аралап канча түштүм сүрөткө,
Гүл өмүрү токтогонсуйт мүнөткө.
Жайы-кышы соолубаса бул гүлдөр,
Окшоп калмак жашоодогу мүрөккө.

Ырга коштум суктандырган кооз гүлдү,
Ырга кошуп ырдасамбы созуп үндү.
Жытын искеп азыктанса жан дүйнөм,
Ачкым келет ырга толгон куржунду.

## КАЙРЫЛБАЙТ ӨМҮР

Жашасын деп өмүр берди жараткан,
Өз колуңда кандай кылып жашасаң.
Кээде болот өкүнүчтүү көрүнүш,
Өз жашоосун баалабайт го кээ адам.

Бул турмуштун болот ачуу-таттуусу,
Жеңе билсең сен үчүн эң жакшысы.
Бар өмүрдү сактап аласа аздектеп,
Адамзаттын ошол жеткен бактысы.

Өмүр өтөт карап турбайт шартыңа,
Байырлабайт даражаңа даңкыңа.
Баа берсең да, бербесең да бул өмүр,
Өтө берет кайрылбайт эч артына.

Биз жетели бул өмүрдүн баркына,
Чалдыкпайлы оору-сыркоо дартына.
Сыноосу көп бул турмуштун чынында,
Өмүр үчүн айлар жылдар көп тура.

## НЕБЕРЕМДИН ТИЛЕГИ

Ата тегим барктуу болгон кезинде,
Атак даңкы кубат берет сезимге.
Анткени мен миң башы бий урпагы,
Канат күүлөп жетсем деймин бийикке.

Жакшы окуу, максат койгом өзүмө,
Жалтактабай турам айткан сөзүмө.





Ата-энем колдоп турса дайыма,
Умтуламын бийиктерге жетүүгө.

Ооба менин максатым өтө бийик,
Билимге сүңгүп кирсем башты ийип.
Мага берген мугалимдин мөмөсүн,
Кезинде үзсөм деймин шагын ийип.

## БИЗ АЯЛБЫЗ МЭЭРИМДҮҮ

Биз аялбыз оор жүктү көтөргөн,
Биз аялбыз уул-кызды төрөгөн.
Ата-бала ооруп калса жөтөлүп,
Мээрим берип баштарынан жөлөгөн.

Биз аялбыз кайын журтту сыйлаган,
Биз аялбыз баардыгына чыдаган.
Сабыр берип күчтү берип кудайым,
Баркыбызды бийик койгон кыйладан.

Баардыгына көңүл коюп аярлап,
Өзүбүздү барктайлычы аял зат.
Жашообузду жакшы жакка койолу
Мүрөк суусун өлбөстүкө даярдап.

Оо аял зат !...биз мээримдүү энебиз,
Ордубуздун кайда экенин билебиз.
Үй-бүлөнүн жүгүн артып моюнга,
Чарчабастан арыш таштап келебиз.

Карайлатып турмуш кыйнап турса да,
Чарчабаган аял кыйын экенбиз.

## МЕЗИЛ ӨТӨТ КЫЛЧАЙБАЙ

Мезгил өтөт, күндөр айга алмашып,
Ай да келет жылга жетип каш кагып.
Кечээ гана жап-жаш болгон кыз элем,
Калды бүгүн кара чачты ак басып.

Мезгил өтөт токтобостон шуулдап,
Бара жатам карылыкка жол улап.
Мен канчалык улгайбайын десем да,
Мезгил учат саат жебесин камчылап.

Ак чач болуп калганда мен картайып,
Мезгил өтөт карап койбой кылчайып.
Жаш өткөндө калем кармап колума,
Ырлар жазсам болбостур дейм эч айып.

Арман болуп өтүп кетти жаш убак,
Арзуумду мен койгучакты тактылап.
Ал кездеги өчүп калган үмүтүм,
Калем ал деп, эргүү берип шаштырат.

Окуймун деп канча кылдым далалат,
Кыялымдын ой чукурун аралап.
Канча аракет кылсам деле бары бир,
Жол ачылбай туңгуюкка такалат.

Туңгуюктан чыгып деле кеталбай,
Кыялдагы максатыма жеталбай.
Эми такыр унуттум го деп жүрсөм,
Тагдыр мага үмүт берди шооладай.





Кеч болсо да келди мага бул өнөр,
Кезектешип ыр саптарым көбөйөөр.
Ырды жазам мезгил менен жарышып,
Жаза берем токтогуча жүрөктөр.

## КӨРҮНБӨГӨН ТАЛАНТ

Талантым бар талпынтаарым жок болду,
Баш көтөрүп жеңе албадым тоскоолду.
Тагдырыма жазылган го оор сыноо,
Канатымды кайрып тийген ок болду.

Тагдыр мени талпынтты да өстүрдү,
Тагдыр кээде чөгөлөтүп чөктүрдү.
Туура жолдон тайгылдырып бутумду,
Баарысына баш ийгенге көндүрдү.

Тагдырга мен чөгөлөдүм сынбадым,
Башымды ийдим бирок колду сунбадым.
Жаркыраган жакшы күндөр келишин,
Жараткандан дуба кылып сурандым.

Дубаларым кабыл болсо Аллахка,
Жан дүйнөмө кетирбесе жаракка.
Көөдөнүмө эргүү келип турганда,
Ырлар жазам эми актай баракка.

Жаза берем карып мөгдөп калганча,
Жазбай коюп калгым келбейт арманда.
Жүрөгүмдөн оргуп чыккан ырларды,
Жаза берем, оо дүйнөгө барганча.

Ыр жазууга баардыгына даярмын,
Ырды жазып рахатын аламын.
Жабыркаса эгер менин жан дүйнөм,
Ырым менен айыктырып аламын!..

## БАТА БЕРЕМ ЧОҢ-ЭНЕҢДЕЙ

Чоң-энеңдей бата берем,
Келечегиң ойлоп тереӊ.
Жаратканым кабыл кылсын,
Баскан жолуң болсун кенен.

Чоң-энеңдей дуба кылам,
Амандыгың тилеп турам.
Акыл эстүү келин болгун,
Кайын журтуң сыйлап турган.

Чоң-энеңдин жолун жолдоп,
Кыялыңды жүргүн оңдоп.
Чоң-энеңдей айкөл болгун,
Кайын журтуң турсун колдоп.

Бир болгула түбөлүккө,
Арзууң болсун жүрөгүңдө.
Сактай билгин урмат-сыйды,
Кут келтиргин үйүңөргө.

## КЫЗДЫН СЫРЫ

Жүрөктүн ачып сырларын,
Чырмооктой мени чырмадың.
Сүйөмүн сени эркем деп,
Салаалап чачым сыладың.





Өзөндүн терип гүлдөрүн,
Өткөрдүк сүйүү түндөрүн.
Өзүңө тартсаң кучактап,
Опкоолжуй түшчү жүрөгүм.

Жакса эгер менин мүнөзүм,
Аткарсаң сүйүү мүдөөсүн.
Ашыктык отун жандырып,
Болсом дейм сенин түгөйүң.

## КӨКТӨМДҮҮ ЖАЗ

Кел жаз айы, элиме кут тартуулап,
Күттүк сенин келишиңди ар убак.
Умай эне сүмөлөгүн кайнатып,
Алас айтып аруу тилек айтылат.

Көктөмдөгү майрам Нооруз тазасы,
Көөнөрбөстөн уланыптыр карачы.
Ата-баба каадасы да сакталып,
Өзгөчө бир өтөт Нооруз майрамы.

Жер жайнаган гүлдөр өссө талаада,
Көктөм жазга сулуулугу жарашса.
Кыз-жигитер кол кармашып арзышып,
Аппак таза сүйүүлөрүн арнашса.

## ЛИРИКАЛЫК САПТАР

Ашык болдум нурун чачкан көзүңө,
Арканы жок алдың байлап өзүңө.
Ак сүйүүмдү тартуулаймын сага мен,
Кабыл алчы ишен менин сөзүмө.

* * *

Айбыгамын ашыктыгым айталбай,
Жал-жал карап артка карап кайталбай.
Сездиң бекен сезбедиңби сүйүүмдү
Түшүн, макул белги берчи кыйнабай.

* * *

Кабыл алчы билген болсоң сезимим,
Кудөр үзбөй күтөйүн мен өзүңдү.
Жандырамын үмүтүмө өчпөс шам,
Күтүп жүрөм жарык чачып бир келгин.

* * *

Сен болдуң го ашык болуп тапканым,
Аткарылса ушул тилек максатым.
Ай-ааламга уккула деп учмакмын,
Ак сүйүүгө айланса го арманым.

* * *

Дал ушундай билсең жүрөк сырларын,
Далай аштым ой санаанын кырларын.
Даалап барып таамай сөзүм айталбай,
Добул соккон долонодой ыргалдым.





## МАЗМУНУ


КИРИШ СӨЗ........ 3
ЖАШТЫКТЫН ОТТУУ КҮЧҮ........ 5
ЫРЫМ САГА БОЛСУН БЕЛЕК........ 5
МЕНИН АЙЫЛЫМ........ 6
ӨЗГӨРТКҮН КӨЗ КАРАШТЫ........ 7
ӨЗГӨН ШААРЫМ КЫЛЫМДАРДЫ КАРЫТКАН........ 8
АЛМАШЫП ЖАШТЫК СЕЗИМИМ........ 9
АК САКАЛДУУ АТАЛАР БАРКТУУ БОЛГОН........10
КЫРГЫЗДЫН АК КАЛПАГЫ........11
ТҮГӨНБӨГӨН ТҮРКӨЙЛҮК........12
ТУРАМ САГА ЖЕТЕ АЛБАЙ........13
АПАМ МЕНИН ЖҮРӨГҮМ........13
ӨМҮРДҮ СҮЙ........14
СИЗДИ СҮЙДҮМ........15
КАЛДЫМ НЕГЕ БАЙКАБАЙ........15
НЯНКА БОЛСОҢ КЕЛИНГЕ........16
КАЙЫН ЭНЕ БАР АР КАНДАЙ........17
КАЙРЫМЫ ЖОК БАЛАГА........18
ЖҮРӨГҮҢӨ САКТАП АЛ........20
ЖАЙЛООДО........21
КЫЗЫМА........22
САГЫНАМ АПА........22
КАРА-КУЛЖАМ........23
АЙДАНАГА ЫР БЕЛЕК........25
БИР БООРУМ ЭЖЕМ АПИЗАГА........26
КАЛАСЫҢ БИР КҮН ЗАР КАКШАП........27
АТКАРЫЛБАЙ КЕРЕЗИҢ........28
ТИЛЕГИҢЕ ЖЕТПЕДИҢ........29
ОРДУҢ БАР БИЛИП ЖҮРГҮН........31
ӨМҮРҮҢӨР БАЙЛАНДЫБЫ ӨЛҮМГӨ........32
ЭГЕР БИЛСЕ БАРКЫНДЫ........33
КАЛСАМ ЭМНЕ ЖАРАЛБАЙ........34
БӨБӨГҮМ........35
МЕЗГИЛ ӨТӨТ ТОКТОБОЙТ........36
ЭГИЗДИН АРМАНЫ........37
УЛУУ АКЫН КАРМЫШАК АГАЙГА........38
МЕЗГИЛСИЗ КЕТТИҢ ДҮЙНӨДӨН........39
ООРУТПАЧЫ СУРАНАМ........40
СОҢ КӨЛДҮН АК-КУУСУ ЭЛЕҢ........41

КАР ЖААДЫ КАРАЧЫ ........ 43
КЕЛ ЖЫЛАН ЖЫЛ КЕНЧ АЛЫП КЕЛ ........ 43
СЕНИ ТЭЭ БИЙИКТЕН КАРАШСЫН ........ 44
ӨМҮР КЫМБАТ БААРЫНАН ........ 45
СУРАЙЫНЧЫ ........ 45
ӨЗГӨРҮЛБӨЙТ ЗАМАНА ........ 46
АЛТЫМЫШ ЖАШ КУРАГЫҢ ........ 47
ТИЛИБИЗ СҮЙЛӨБӨСӨ ........ 48
КАЙРАТТУУ БОЛГОН ЭНЕЛЕР ........ 49
БАЛАГА БАЙЛАНАСЫҢ ........ 50
ЭМГЕГИ ӨРНӨК БОЛГОН ЭЛИНЕ ........ 50
АЛАКА ........ 51
АКЫНЫМ ........ 52
ДӨӨЛӨТҮН БААЛАЙМ ТАЛАНТЫН ........ 53
ТАГДЫРДЫН КАТААЛ СЫНООСУ ........ 54
КАРЫГАНДАН КОРКПОЙМУН ........ 55
ӨНҮГҮҮНҮ КӨРБӨЙБҮ ........ 56
ЖАШОО ӨЗ КОЛУҢДА ЖАШОО ӨЗ КОЛУҢДА ........ 57
ДЫЙКАН ЖҮРӨТ ........ 57
КЕЧ КҮЗ КЫШТЫ КҮТҮП ........ 58
ЖАЗА БЕР МАХАБАТТЫН ОТТУУ КҮЧҮН ........ 59
АТА-ЖУРТУМ КЫМБАТСЫҢ ........ 60
СУКТАНАМЫН ........ 61
ЫЙЫК ГҮЛДӨЙ АЯЛ ЗАТЫ ТАБЕРИК ........ 61
КАРЛЫГАЧЫМ ........ 62
КЕЛ ЖАҢЫ ЖЫЛ ........ 62
ТАШТАГЫ ГҮЛ ........ 63
ЧЫМЧЫК БОЛДУ СЫРДАШЫМ ........ 64
СУКТАНЫП ЖАЛГЫЗ ОЛТУРАМ ........ 65
КӨЛ ЖЭЭГИНЕН КҮТӨМ СЕНИ ........ 65
АК ЖАМГЫРДЫ САГЫНДЫМ ........ 66
КАРЫЛЫКТЫ КАБЫЛ АЛАМ ........ 67
ЖАЗСАМ БОЛМОК УЧУРУНДА ........ 67
ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ ........ 68
АЙ КӨЛДҮК БАР АКЫНДАРДА ........ 69
ЖАШТЫГЫМА ТОЙБОЙ КАЛДЫМ АТТИҢ АЙ ........ 69
ӨТКӨН КҮНДҮ ЭСКЕ АЛЫП ........ 70
ПЕКИН СТУДЕНТИ АЛТЫНАЙГА ........ 71
ӨМҮРДҮН ӨРҮН КӨЗДӨЙ БАРАТАМ ........ 72
ӨГӨЙҮ БОЛБОЙТ ........ 73
ЖАШТЫГЫҢДЫ КОШТОБОЙТ ........ 73
КЕРЕМЕТ ЖЕР АЛАЙ-КУУ ........ 74





СОГОТ ЖҮРӨК ........ 75
НАЗДАНБАЧЫ ........ 76
ЭМИ СЕНИ КЕЧИРБЕЙТ ........ 77
МУҢАЙБА СЕЗИМ ........ 78
КЫЗЫЛ АЛМА ........ 78
ЭКИ ЖАШКА КААЛОО ........ 79
АТА ЖУРТУМ МЕКЕНИМ ........ 79
ЫР ЖАЗАМ ЖҮРӨГҮМҮН ТЕРЕҢИНЕН ........ 80
ЭСИҢДЕБИ? ........ 81
БАЛА ЖЫТЫ ........ 82
АЯРЫМСЫҢ ........ 82
АТАҢ БАРДА БИЛГЕН ЖОКСУҢ ........ 83
ЧӨГҮП ЖҮРДҮМ ........ 83
ТАППАЙ КАЛДЫМ ДАРЕГИҢ ........ 84
ТУУЛГАН КҮНҮҢ КУТ БОЛСУН УУЛУМ ........ 85
ИЗДЕЙ БЕРЕМ ........ 86
АК СҮТҮН БЕРГЕН АПАКЕМ ........ 87
УНУТПАДЫМ ........ 88
САЛАМ КӨЛҮМ САГЫНДЫМ ........ 88
ӨМҮР ӨТӨТ ЧАЙПАЛЫП ........ 89
ҮЙДҮН КУТУ БОЛОТ КАРЫЛАР ........ 90
ЫРААЗЫ БОЛОТ БЕЛЕК БИЗ ........ 91
ЫР ТӨГҮЛӨТ КӨӨДӨНДӨН ........ 92
КЫРГЫЗ ТИЛИ ........ 92
СҮЙЛӨЙТ ТИЛИМ ........ 93
ЭЛИҢ БААЛАЙТ ........ 93
АЗАТТЫКТЫН ТАҢЫ АТЫП ........ 94
ТООБОБУЗГА ЖАНАЛЫ ........ 95
КАРА КӨЗҮМ ДЕЧҮ ЭЛЕҢ ........ 96
КАРГАШАЛУУ КАРА БУЛУТ ........ 96
ЖАЛГЫЗЫМДАН КАЛГАН ТУЯК ........ 97
БҮТПӨЙ КАЛГАН АРЗУУЛАР ........ 98
ЭЖЕМИН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ ........ 99
ТУУГАНДАР МЕНЕН ТАБЫШТЫК ........ 100
ТУГАНДАРГА КУСА БОЛУП ........ 101
ТАПТЫМ АТА ТУУГАНДАРДЫ ........ 102
ТАРТУУЛАП ЖАЗ СУЛУУЛУК ........ 103
ЖАШООНУН БҮТПӨЙТ ЭРТЕҢИ ........ 104
КӨК ЧЫККАН ЖАЗЫМ ........ 104
МЕКЕНИМ ҮЧҮН ........ 105
МЕКЕНИМ МЕНИН ӨЗГӨЧӨ ........ 105
КЕЛГИЛЕ ДОСТОР ........ 106

ӨМҮРДҮН ӨРГҮҮ ЖОЛУНДА ........ 106
БААРЫНА КАНААТ КЫЛАМ ........ 107
ЖҮРӨЛҮЧҮ АМАН ЭСЕН ........ 108
БАРИНУСАГА ГҮЛ ДЕСТЕ ........ 109
КЕЛДИ МЫНА ЖОЛУГУШЧУ КҮНДӨРҮМ ........ 111
ТУУГАН ИЗДЕП БАРА АЛБАДЫМ ........ 112
ООРУБА БАЛАМ ........ 113
АБЫСЫНДАРЫМА ........ 113
МЕНИН АПАМ ........ 115
ӨМҮР БУЛАК ........ 116
СУТАНДЫРГАН КЫРМЫЗЫ ГҮЛ ........ 117
КАЙРЫЛБАЙТ ӨМҮР ........ 118
НЕБЕРЕМДИН ТИЛЕГИ ........ 118
БИЗ АЯЛБЫЗ МЭЭРИМДҮҮ ........ 119
МЕЗИЛ ӨТӨТ КЫЛЧАЙБАЙ ........ 120
КӨРҮНБӨГӨН ТАЛАНТ ........ 121
БАТА БЕРЕМ ЧОҢ-ЭНЕҢДЕЙ ........ 122
КЫЗДЫН СЫРЫ ........ 123
КӨКТӨМДҮҮ ЖАЗ ........ 123
ЛИРИКАЛЫК САПТАР ........ 123

**Ашимова Турганбү**

**КӨӨДӨНГӨ БАТПАС ЫРЛАРЫМ**

*Ырлар*

*Редактору* Зуурабү Маметова
*Корректору* Айдыңкан БОСТОНОВА
*Компьютердик калыптоочу* Мырзабек Кадыров

Форматы 60x84 1/16. Офсеттик басуу
Офсеттик кагаз. Көлөмү 8 б.т.
Заказ №90. Нускасы 100даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, Үсөнбев көчөсү, 149,
Тел.: +996 772 347 028



**Ашимова Турганбү** – 1957-жылы 10-мартта Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун «КЕҢЕШ» айылында төрөлгөн. Билими орто. Чыгармачылык чөйрөсүнө, шартка байланыштуу кеч келди.

Ош кайрыктарынын 1-2-китебине, Кара-Кулжа кайрыктарынын 1-2-китебине жана «Алака» Эл аралык коомдук фондунун «Жаз деми» альманах китебине чыгармалары жарык көргөн.

Бир нече грамоталардын жана «Үлгүлүү айым», «Мыкты калемгер» медалдарынын ээси. «Алака» эл аралык коомдук фондунун активдүү мүчөсү. 4 уул 2 кыздын энеси, 23 небере, 1 чеберенин бактылуу чоң эне таенеси.

